# Таасири күчтүү табып

*Түзгөн*
*Айдарбек Сарманбетов*

**Бишкек 2009**

ББК

**ТААСИРИ КҮЧТҮҮ ТАБЫП.** Түзгөн Айдарбек Сарманбетов. – Б.: 2009. – 120 б., ил.

ISBN

Бул китепте элдик табып Кубанычбек Матай уулунун табып катары калыптанышы, табыпчылык ишмердиги, өнөрүнүн өзгөчөлүктөрү, табыпчылыктын адамга төрөлгөндөн ыроолонгон кесиет экени тууралуу гана сөз болбостон, жалпы эле элдик медицина, анын тармактары, абалы жана көйгөйлөрү тууралуу да айтылат. Кубанычбек дартына даба болуп сакайып кеткен адамдардын ыраазычылыктарына, ой-пикирлерине да орун берилди.

**ББК**

**ISBN**

© Матай уулу К., 2009

# ТАБЫПЧЫЛЫК – ИЛИМ

Табыпчылык – кыргыздын байыркы дөөлөттөрүнөн. Муундан муунга өтүп келе жаткан бул сырдуу өнөрдүн ар кимге эле ачыла бербеген, түмөндөн бирөөнө түнөгөн касиети бар. Өкүнүчтүүсү коомубуздагы саясий оош-кыйыштардын кесепетинен дээрлик 70 жылдан ашуун мезгилдин аралыгында табыпчылыкты "тап катары" жоюп, "эскинин калдыгы" катары мамиле жасап, аны кесип кылгандарды "таш барақга" алып келдик. Натыйжада бул кесиптин эң уникалдуу өкүлдөрүнүн кайталангыс табышмактуу сырлары өздөрү менен кошо кетти. Ушул эле учурда ааламдык алкактан алганда башка көптөгөн өлкөлөрдө элдик медицинанын жетишкендиктери мамлекеттик колдоого алынып, салттуу медицинанын алы жетпеген айрым ооруларды айыктырып жатканын жакшы билебиз. Мисалы, филиппиндик табыптардын бычаксыз операция жасоо ыкмасы дүйнөнү таң калтырып келет. Алардын ишине мамлекет өзү кызыкдар болуп, шарт түзүп берүүдө. Канчалаган акча каражаттары түшүп, өлкө казынасын байытып жатат.

Жараткан эгебиз бул жагынан да кыргызды кур койбоптур. Ааламда теңдешсиз "Манасты", төгүлбөгөн ырыскы төкмөлүктү, керемет Ала-Тоону, аликүнчө табышмагы табылбаган ак калпакты бергендей эле, табыпчылык өнөрдү да тартуулаптыр...

Бүгүнкү күндө "көзү ачыктар" көчөгө батпай, табыпмын дегендер таштан да көбөйүп кетти. Бирок, арасында табыпчылык касиет чындап даарыган, эми элге, пайдасы журтка тийип жаткандары өтө сейрек. Алардын бири – айтылуу табып Кубанычбек Матай уулу. Окурмандар анын бул китебинен табыпчылык деген чанда бир адамга Жараткан тарабынан ыроолонгон касиет, ар ким тамаша кылганга болбой турган өзгөчө бир керемет өнөр экендигинен кеңири түшүнүк алышат деген ойдобуз.

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ,**
**жазуучу**

# *ТАБЫПЧЫЛЫК ЖАНА МЕДИЦИНА*

"Оору батмандап кирип, мыскалдап чыгат" деп айтылат кыргыз макалында. Адамзат кылымдардан бери эле өзүнүн болгон дараметин ооруну жеңүү үчүн жумшап келет. Натыйжада, дарылоонун медицина аталган салттуу түрү пайда болгон. Муну илимий медицина деп атап жүрөбүз. Ошондой эле жараткан Алла-Таалам өзүнүн пенделерине экинчи бир элдик медицина аталган керемет касиетти да ыроологон.

Элдик медицинанын (диний медицина) өкүлдөрү үчкө бөлүнөт:

1) молдолор;

2) бакшылар, төлгөчүлөр;

3) табыптар (дарыгерлер).

Бул эки илим эриш-аркак иш алпарышса, көптөгөн адамдарга жардам болуп, ооруларынан айыгып, өмүрлөрү узармак. Дүйнөдө алгач элдик медицина пайда болуп, өнүп-өскөнү баарыга белгилүү. Андан кийин, бара-бара илимий медицина түптөлгөн. Экөөнүн тең дарылай турган "өз" оорулары бар. Мисалы, табыптар бардык эле ооруларды дарылап, айыктырып жиберишет деп айтыш кыйын. Алар дарылай турган адамдар ооруларынын себептерине байланыштуу болот. Табыптар нервден чочуган, талма, эпилепсия, жүрөк түшкөн, тукумсуздук, каргыш тийген, көз тийген, тескери дуба окулган, ыймандан чыгып ичимдик ичип, баңгиликке берилген ж. б. жаман адаттары бар жана ысык-суукtан ооруган адамдарды айыктырышат. Мындай диагноздордун көбү илимий медицинада коюлбайт. Анткени, илимий медицина элдик медицинаны, адамдын жан дүйнөсүнүн жабыркоосун, аларга ар кандай энергиялардын таасир этерин таанышпайт, ага ишенишпейт. Адамды биологиялык объект катары кабылдашып, оорунун сыртын гана дарылаганга өтүп кетишкен. Мен көп жылдап ооруп, оорусуна эч жерден шыпаа болбоду деп кыйналган адамдарды көрдүм. Андай ооруларга шыпаа болбой жаткандын бир себеби, медиктерден айыга турган оорулар элдик медицина менен, ал эми элдик медицинадан айыга турган адамдар оорукааналарда айлап-жылдап жатып, канча чыгым болуп дарыланганында болуп саналат. Жанагы "эриш-аркак иш алпарса" деге-

нимдин мааниси ушунда. Эгерде биздин мамлекетте элдик медицина колдоого алынып, илимий медицина менен биргелешкен диагноз борборлору ачылып, бирге иштешсе, элге көп жардам болор эле. Себеби, жогоруда айтылган медицина илиминин өз өзүнө тийиштүү күчү жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чектери бар. Чектен ашыкча эч ким, эч нерсе жасай албайт.

Европада, ал тургай Америкада элдик медицина мамлекет тарабынан колго алынып, шарт түзүлүп, ар кандай жардамдар берилет экен. Атайын окуу жайлары иштейт. Биздин мамлекетте да чыныгы касиети бар, күчтүү табыптар тандалып алынып, аларга лицензия берип иштетсе, элге жакшы болмок. Кошуна мамлекеттердин (Казакстан, Өзбекстан) элдик дарыгерлерин мисалга алсак эле жетиштүү. Биздин республикага чейин келип иштеп жатышат. Биздин табыптардын касиети, билим деңгээли алардан жогору болсо болушу ыктымал, бирок кем эмес. Алардын жарнамасы, колдоосу күчтүү. Биздин дарыгерлерде алардыкындай колдоо көрсөтүлбөйт. Ошондуктан жан арга издеген жарандарыбыз коңшу өлкөлөргө чейин жер кезип, өтө кыйынчылык тартып жатышат. Аларды өзүбүздүн эле табып, дарыгерлерибиз сакайтып коюшмак.

## ТАБЫПЧЫЛЫКТЫН ТАМЫРЫ ТЕРЕҢ

Табыпчылык илими адамзат жаралгандан бери белгилүү. Анын өзөгүндө диний медицина жатат. Ошол кылымдык тажрыйбалардын негизинде азыркы илимий медицина пайда болгон.

Алла-Тааламдын бар экенине эч бир күмөнсүз толук ишенүү керек. Мындай деп айтканымдын себеби, врачтар дарылайбы, молдолор, табыптар дарылайбы, биринчи жардам Алла-Тааламдан болот. Экинчи жардам дарылоочулардан болот. Ар кандай кесиптеги ар бир адамга касиетти жаратуучу берет. Адам жеке өзү эле кыйын болушу мүмкүн эмес.

Альберт Эйнштейн айткан экен: "...мен бул дүйнөдө баары өз ара байланышта экендигине ишенбеген чыныгы окумуштууну элестете албайм. Илим менен олуттуу алектенген ал ким гана гана болбосун жаратылыштын мыйзамындарында адам акылы жетпеген улуу күчтүн катышы бар экендигине ишенбей коё албайт. Ушул себептен илим менен алектенүү адамды акыры динге алып барып такайт.

Мен терең диний ишеними жок окумуштууну түшүнө албаймын. Кудайды таанybаган илимдин кунары болбойт. Илим менен динди бөлүп кароого мүмкүн эмес".

Менин айтайын дегеним: салттуу медицина илиминин өкүлдөрү элдик медицинанын касиетине жана күчүнө ишенишсе жана колдошсо. Мен тааныган көп медиктер айтышат: "Мурун такыр ишенчү эмеспиз, азыр өз көзүбүз менен алардан айыккандарды көрүп жүрөбүз. Биздин ортобузда талаш-тартыш, түшүнбөстүктөр болбош керек экен. Биз дарылай турган жана силер дарылай турган пациенттер болот экен", – деп.

Табып дарылоочу оорулар негизинен динге байланыштуу болот.

Шарият тартиптеринин бузулушуна төмөнкү көрүнүштөр кирет: ичимдик ичүү, пейилдин бузулуусу, уурулук, зөөкүрлүк, баңгиликке берилүү, адам акысын жегендик, адам өлтүрүү, каргыш тийүү ж. б.

## КАНДАЙ ООРУЛАР ДИН ЖОЛУ МЕНЕН ЖЕ ТАБЫПТАН АЙЫГАТ?

Дин жолу же табыптан айыгуучу дарттар булар: кирине, суук, асит, лапаз, назар, каргыш жана тескери дубалардын таасирлери, нервдери чочугандар, жүрөгү түшкөндөр, ошондой эле ысык-сууктан, аз кандуулуктан жабыр тарткандар, тукумсуздук (төрөбөстүк, төрөтө албастык), экзема, ар кандай жаралар.

Мен табыптык илимдин көп сырларын айткандан корком. Себеби, шарлатандар окуп алса, түшүнүп-түшүнбөй элди алдай баштайт.

**Тескери дубалар**. Буларга ысытма, суутма, баш үртмө, байлатма, оорутма, соолутма ж. б. кирет. Мисалы, 1) байлатма дубанын таасиринен адамдын бир органы байланышы мүмкүн. Эгерде, жыныстык орган бөйрөк тараптан байланса, баласыз болуп, төрөй албайт же төрөтө албайт; 2) багы, жолу байланса, үйлөнө албайт, жеке турмушу кыйын болот. Иштеген жумушунун өзүнө тийгизген пайдасы аз болот, болбошу да мүмкүн.

Тескери окулган ар бир кара дубанын күчүнө жараша каршы окула турган касида дубалар бар. Бардык эле касиетим бар деген адамдар тескери дубаларды кайтарып окуй албайт. Себеби, андай кудуретке табыптык, бакшылык ж. б.

касиеттери бар адамдардын баары эле ээ эмес, 1000ден бир адамдын окуганы кабыл болушу мүмкүн. Жогоруда айтылган жана башка түрдүү себептерден улам балалуу боло албай жүргөн үй-бүлөлөргө табыпчылык илимдин касиети менем жардам бердим.

Мисалы, Мухтар – Жаннат бир балалуу, Кыялбек, келинчеги менен төрт балалуу, Ырысбек, келинчеги менен 4 балалуу, Сергей – Ирина эки балалуу, Чынара, күйөөсү менен үч балалуу, Рахат, келинчеги менен бир балалуу, Канат – Айгүл бир балалуу болушту (*Сүрөттөрү берилди*).

Кайтарма жасаган табып, молдо, бакшылардын өздөрү эч качан тескери дуба окубашы керек. Эгерде бир эле жолу тескери дуба окуса, анын кайтарма окуй ала турган касиети түбөлүккө кайтып кетет. Мындай касиетти токтотуп кармап калуу өтө кыйын. Азыркы учурда андай таза адамдар өтө аз.

**Тескери дубаларды кимдер окуйт?** Бакшылар (чёрная магия) кара жиндерди байлап коё турган жана кайтара турган дубаларды билишет. Алар нервден ооруган, шал болгон адамдарды, даарып, качып калган ооруларды дарылап, айыктырышат.

**Тескери дубаларды кимдер окутат?** Бири-бирине өчөшкөн адамдар, ошондой эле кызганычтан, көралбастыктан, ичи тарлыктан, кастыктан, душмандыктан, кээ бир мезгилде өтө жакшы көрүп, ал сезими жоопсуз калуудан, байлыгына, бийлигине көз арткандан окутушат.

Тескери, кара дубаларды окуган жана окуткан адамдар Алла-Таалам тарабынан өтө катуу жазаланат.

Тескери дубаларды жараткан адамдар менин практикамда көп эле кездешти. Алар жасаган күнөөлөрү үчүн сөзсүз жазаланган. Бул – өтө коркунучтуу күнөө. Азыркы учурда айрым адамдар, бакшылар дубанын чыныгы маңызына маани беришпей, оюн сыяктуу көрүп, жамандыкка барып жатышат. Бул – адам өлтүргөн менен барабар. Себеби, тескери дуба окулган адамды өз убагында кайтарып окубаса, ал оорулуу же майып (мерт) болуп калышы мүмкүн.

**Тескери окулган дубалардын ден соолукка, өмүргө жана жашоого тийгизген тескери таасирлери.** Ар бир тескери окулган дубанын жандыруу дубасы да болот. Эгерде туура кайтарылып окулбаса, тескери дуба жанбайт, же болбосо тескери таасирин тийгизип, кайра күчөтүп жибериши

мүмкүн. Тескери окулган дубалардын ичинен эң коркунучтуусу сууга, тузга окулуп, тамак аркылуу ичилсе, ден соолукка көп зыян келтирет. Тескери дуба бул – уу. Мисалы, химиялык же табигый уу адамды дароо өлтүрөт. Ал эми тескери дуба акырындык менен 5–10 жылга чейин адамдын ден соолугун бузуп, оорутуп, айнытып, кыйнап, акылынан адаштырып жаман кырсыкка алып барат. Көбүнчө, акчага кызыккан цыгандар, бакшылар атайын заказ менен ар түрдүү тескери дубаларды окушат.

Мындай ишке баргандын өзү – өтө чоң күнөө. Кээ бир кыска ойлуу адамдар өздөрүнүн жеке кызыкчылыгын ойлоп, айрым адамдардын байлыгына, бийлигине, жаштыгына, сулуулугуна, күчүнө кызыгып, жаман жолдорго барып, өз пайдасы үчүн тескери дубаларды окутушат. Убактылуу дегенимдин себеби дубаланган адамдын ден соолугу 5 жылга, өтө көп болсо 10 жылга чыдайт. Андан ары организм дубаны көтөрө албайт, адам каза табат же оорукчан болуп калат. Тескери дубалар кайсылар: ысытма, суутма, баш үртмө, байлатма ж. б. Мындайга такыр ишенбей коюуга болбойт. Элибизде "дуба – падышаны да дубанага айлантат" деген сөз бар. Албетте, бул сөз жөн жерден эле чыга калган эмес.

Мен табып катары эскертер элем: тескери дуба окуган менен окуткандын аягы жамандык менен бүтөт. Жараткан Алла-Таалам мындайга барган адамдарды өтө катуу жазалайт. Дуба окуган адамды 5 жылга жазаласа, окуткан адамды 70 жылга, же он эсе көп жазалайт. Тескери дуба окуган адамдар өз бетин жашырып, жасалма бет кеп кийип жүргөндөй болгон адамдар. Башкача айтканда алар – молдонун, табыптын, бакшынын атына жамынган айлакерлер, Жараткан Алла-Тааламдын бар экенине ишенбеген адамдар. Илгери айтылчу экен, азыр деле күндөлүк турмушубузда ата-энебиз, динди кармаган адамдарыбыз айтышат: "Азыр күнөө иш кылгандар о дүйнөгө барганда жазаланып, тозокко түшөт", – деп. Илгери дегеним, учурдагы адамдардын мурунку муундардагы адамдардан айырмаланып, жашоого башкачараак карап, тайкы түшүнүгүндө "азыркы жашоодо каалагандай жыргап-куунап жашап алайын, о дүйнөгө барганда көрө жатарбыз" деген ойдо бала-бакырасынынын, урпактарынын келечегин тобокелге салып, ойлонбой жашап жаткандыгы тынчсыздандырат. Мен өзүм биринчи тобо келтирип айтар элем: Жараткан Алла-Таалам

азыркы адамдарды о дүйнөгө бара элегинде эле, ушул дүйнөдө жазалап жатат. Бул дүйнөдө жасаган ар кандай күнөө иштерибизге ушул дүйнөдө эле жооп бере турган заман болду.

Сөзүм куру болбосун үчүн бир эле мисал айтайын. Аты-жөнүн ачык атап, жакындарын уятка калтырбай эле коёюн, өзүбүздүн түштүк жергебиздеги бир айылда чоң молдо болгон экен. Ал көп жыл адамдарды дарылап жүрүптүр. Бир күнү ага катуу ооруп, баса албай калган 30–35 жаштагы келинди дарылоого алып келишет. Ал келинди молдоке кабыл алып, дарылай баштайт. Көп убакыт дарыласа да, эч кандай жылыш болбойт. Өзү билген ар кандай күчтүү дубаларын окуйт, анда да жыйынтык чыкпайт. Молдоке: "Күнөөсү жок келинди ким мынчалык жазалады экен", – деп, боору ооруп, ага жардам бергиси келет. "Мен билип-тааныгандан бул аймакта мындай күчтүү, тескери дуба окуган эч ким жок эле, кара ниеттикке барган ким болду экен", – деп катуу ойлонот. Өзүнүн билген дубаларын дагы күчөтө окуп, келиндеги тескери дубаны жандыра баштайт. Күндөн күнгө өзүнүн ден соолугу начарлап бара жатканын сезип, молдоке: "мен кайтара албай жаткан дуба болгон соң, демек, бул өзүм окуган дуба", – деп, ойлонуп отуруп акыры эстейт. 10 жылдай мурда бир кемпир келип: "Балам үйлөндү эле, келиним кетем деп кыйнап, качып жатат, бизди уятка калтырып, эл-журтка маскара болмой болдук. Молдоке, жардам бериңиз, айтканыңызды берем", – деп жалдыраган ал кемпирге жардам бергени эсине түшөп, ошондогу качкан келин ушул экенине, ошондуктан өз дубасын өзү жандыра албай жатканына толук көзү жетип, өткөндөгү күнөөсү үчүн Жараткан Алла-Тааламдан кечирим сурап, алты ай дегенде оорулуу келинди толук айыктырат. Андан 4 айдан кийин ошол молдокенин өзү каза болгон экен.

"От менен ойнобо" дегендей. Жараткан Алла-Таалам бар экенине толук ишенүү керек. Менин иш тажрыйбамда мындай окуялар көп эле болду. Айрым мен дарылаган адамдардын арасында тескери дубалардын айынан төрөбөгөн, төрөтө албаган, баса албаган жана көп ооруган адамдар болушту. Медицинада "врачебная тайна" дегендей эле табыптардын да көптөгөн жашыруун сырлары болот, эч жанга айтууга болбогон.

Элибизде "кардын башын кар, хандын башын хан жейт" деген макал бар. Тескери дубаны күчтүү дуба гана жок кылат. Андай, тескери дубаларды кайтарып, жандыра ала тур-

ган күчтүү адамдар Кыргызстанда саналуу эле. Антип айтканымдын себеби, көпчүлүк молдолор, бакшылар, табыптар ж. б. касиетим бар деп эсептеген адамдардын өздөрү тескери дуба окуудан качышпайт. Демек, алар тескери дубаны кайра кайтарып, жандыра алышпайт. Андай кечиримди, мүмкүнчүлүктү Алла-Таалам эч бир пендесине берген эмес.

Адам баласы ак болуп, соопчулук жасайт, же болбосо кара болуп, шайтанга азгырылып, күнөө жасайт. Ак-кара аралаш деген туура эмес, адам жашоосунда адам баласы бара турган эки гана жол болот: оң жана сол деген.

1. Бейиш – ак жол
2. Тозок – кара жол.

Үчүнчү жол жок.

## АК ДУБАЛАР ЖАНА СУУ КАСИЕТИ

Терс дубалардан айырмаланып, ак (оң) дубалар көбүнчө сууга окулат. Ооруга шыпаа берүү же адамдарды оң жолго салуу, кыйынчылыктардан арылтуу, узак өмүр каалоо максатында окулат. Ак ниет менен Алаа-Тааладан өтүнүч этилет. Андай, ак ниет окулган дуба сууга өтүп, суу аркылуу аны ичип, колдонгон адамга шыпаа болот. Ак дубанын сууга окулушунун сыры өтө терең жана табышмактуу. Эмнеге сууга окулат жана ал кантип таасир этет деген суроолор ар бир адамдан күтүлбөй койбойт.

Суунун маалымат-кабар сактоочу касиетин өткөн жылы эле япониялык окумуштуу Масару Эмото компьютердик ыкма менен далилдеп берип, дүйнөнү айран таң калтырбадыбы! *(түстүү сүрөтү китепте берилди)* Куран окулган суунун өз молекулалык түзүлүшүн ажайып жана пропорциялуу кылып өзгөртөрү, демек, дуба түшкөн суу касиеттүү затка айланары чын чыкты! Ислам аны небак эле жакшы билип, колдонуп келген. Албетте, аны ак ниеттүү максат менен, ак дилден колдонуу зарыл (терс дубалардын күнөө экени ошол). Андай ак дубалар 33 же 101 ирет кайталанып окулат. Демек, кайталай окулган дуба суунун касиетин өтө күчөтүп, адамдын ден соолугуна оң (терс окулса зыян) таасир этет. "Суу – дары да, уу да", – деп элде бекеринен айтылбайт. Демек, дуба жолу менен адамды дарылоого болот жана ага бекем ишенүү зарыл. Ошондо гана дубанын касиети суу аркылуу адамга тез өтүп, таасири күчтүү болот.

# *АЯНДАР*

## АЛГАЧКЫ АЯН

1994-жылы мага аян берилгени эсимде. Ал мындай болгон. Абдан кары кемпирдин элеси көрүнүп, кимдир бирөөнү көргөзүп: "Ушул кишиге жолугасың жана жардам бересиң", дегенсиди. Биринчиден, ал кишинин элесинен корккондой болдум, себеби, өңүмдө анчалык картаң адамды көргөн жок элем.

Арадан бир айдай убакыт өткөндөн кийин өз жумуштарым менен Бишкек шаарына келип калдым. Бир курсташыма жолугуп калып (мурда мамилебиз өтө деле жакшы эмес болчу), сүйлөшүп отурган кезибизде ал мага суроо берип калды: "Сен мурдагыңдан өзгөрүп калыпсың, эмне жумуш жасап жатасың?" – деп. Мен, табыпчылык менен иштеп жатканымды айттым (студент кезде деле дарылачумун, бирок, көпчүлүгү аны билчү эмес). Бир жумадан кийин ал мага капыстан телефон чалып: "Жолугушуп, сүйлөшсөк болот эле", – деп суранды. Мен макул болуп, экөөбүз жолуккан кезде анын чоң энеси катуу ооруп, тилден калып калганын жана досума ата-энеси: "Айылга барып, жамандыкка даярдана берсең окшойт", – дегенин айтты. Ал мени менен сүйлөшүп отуруп эле бир маалда өзүнөн-өзү: "Эй, Кубан, менин жүрөгүм кандайдыр бир жакшылыкты сезип турат. Айылга баргым да келген жок. Мүмкүн, сен бир жолу чоң энемди көрүп бербейсиңби?" – деп суранып калды. Ага чейин анын чоң энеси бар экенин билчү эмесмин.

Ошентип, мен жок дей албай, экөөбүз 11-кичирайондогу атасынын үйүнө бардык. Көп өтпөй чоң энеси жаткан бөлмөгө кирдик. Төшөктө жаткан кемпирди, анын абдан картаң экенин көрөр замат, таң калып, курсташымдан чоң энесинин жашын сурадым. Ал 107 жашта деп жооп берди.

Кемпир сүйлөбөй калган экен. Мен, анын тамырын кармап, ойлонуп көрүп: "Үч күн аракет кылып көрөйүн, Кудай-Тааламдан буйрук шыпаа болуп калса, айыгып кетиши мүмкүн", – дедим да, чоң энесин дарылоого кабыл алдым. Үч күндөн кийин көргөнү барсам, оорулуу кемпир өйдө туруп,

төшөктө отуруптур. Өз көзүм менен көрүп, таң калып, ишенбей отуруп калдым. Андан да таң калычтуусу ал:

– Балам жаш экенсиң, атың ким, – деп сурады. – Үч күндөн бери жакшы аракет жасап, дарыладың. Мен баарын сезип эле жаттым. Көңүлүң менен дарылаганыңа чоң ырахмат балам. Эми менин сенден бир суранычым бар, жардам бер, – деди. – Менин кызым 70 жаштан ашты, балам 60 жашка келип калды, "карыган кишинин оорудан турганы жакшы эмес" дейт, элибизде. Ошол үчүн мени кете турган жагыма кетир, айланайын, суранам.

Мен мындай сөздү өмүрүмдө уккан да, көргөн да эмес болчумун.

Ал, колумдан кармап алып:

– Тирүү кезимде батамды берейин, каза болгон соң сени колдоп жүрөйүн, балам, мени артыма кайра кетир, – деп кыйнады.

– Сиздин ичер сууңуз, көрөр күнүңүз дагы бар экен, ал бүтмөйүнчө сизди Жараткан албайт. Анын үстүнө мен адамды тиги дүйнөгө кетиргенди билбейм, – деп, араң жооп айттым.

– Анда канча убакыт калды? – деп суроо берди.

Мен аргасыздан:

– Аз калды, – деп жооп бердим.

– Анда калган күндү жашайын, – деп көңүлү ачылып, күлүп, мага абдан көп жакшылыктарды каалап, ак батасын берди. Айыккандан кийин дагы 6 ай жашады. Кийин түшүндүм, мага баягы, аян болгон кемпир ушул, 107 жаштагы Сары кызы Бурулча эне экен. Ушул күнгө чейин батасы тийип, уулу Черткиев Шарапидин, келини Курманбүбү эже табыпчылык кесибиме жардам берип келет.

## КИЙИНКИ АЯНДАР

1995-жылы июль айында Гүлчө – Кызыл-Алай маршруту боюнча жүрүүчү автобус жол кырсыгына учурайт, адамдар каза болушу мүмкүн деген аян болду мага. Ал тууралуу атама айттым. Атам ал автобустун айдоочусун үйгө чакырып, болгон белги-аян боюнча эскертип, рейске чыгарбай токтоткон. Бир күндөн кийин автобус өз маршруту боюнча ишке чыккан болучу.

Бир жумадан кийин ошол автобустун айдоочусу Асанбек атама жолугуп: "Мен рейске чыкпай калган күнү адам көп болуптур, акчадан куру калган экемин", – деп нааразы болуп, – "Кубанга ишенбей эле койсом болмок экен" деп өкүнүптүр. Мейли, мен элдин ден соолугу, өмүрү үчүн айттым. Буйрук Алла-Тааладан деп, таарынганына көңүл бурган жокмун. Арадан бир жыл өткөндөн кийин баягы өкүнгөн айдоочу мурда эскертилип айтылган (дал ошол жерде, саатта, күнү, бирок туура бир жылдан кийин) жол кырсыгына учурайт. Бул жолу адам өмүрүнө зыян келбейт. 2–3 адам жеңил жаракат алат, айдоочу жумушунан айдалат.

## ӨЗГӨЧӨ АЯН

Айыл аксакалы Миңтилда аксакалдар жыйынын өткөрүп, жаңы молдо шайлообуз керек деп билдирди. Биздин айылдын молдосу Жусупбай деген аксакал карылыгы жетип каза болгон эле. Айылда ал кишинин ордуна ылайыктуу киши жок болуп, мени молдочулукка сунуштап, ойлонгонго убакыт беришти. Кийинки жума күнү районубуздун имамы Жолборскан төрө мечитке чакырып: "Окуп билим алгын, жөндөмдүү жигит экенсин. Сенден жакшы молдо чыгат. Бир айдан кийин келгин", – деп үйгө жөнөттү. Молдочулук менен табыпчылык кесипти бирге иштөө мага кыйын болот элек. Себеби эки милдет тең өтө жоопкерчиликтүү да. Ошол күндөрү мага абдан кыйын болду. Макул болбой коюуга да мүмкүн эмес эле. Мындай жоопкерчиликтүү чоң милдетти бардык кишиге эле айтып, ишене бербейт. Ошентип кыйналып турганда мага жаңы аян белги болду – мындан 18 жыл мурда биздин молдодон окуп, билим алган 35 жаштагы жигит бар деген. Мен ал аян белги тууралуу айыл аксакалдарына айтып бердим. Алар сураштырып, иликтеп, издеп табышыптыр. Бул тууралуу айылда 3 адам гана билчү экен. Союз учурунда эле айылдын акылман аксакалдары Абдыкайым менен молдо Жусупбай элдин келечегин ойлоп, 20 жыл кийин айылдыктар молдосуз каларын алдын ала билип, молдо окутуп, даярдап коюшкан экен. Ал Асан деген жигит жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, чоң бир мекемеде жетекчи болуп иштеп жаткан экен. Ага барып айтышса, ал: "Ооба, илим алганым чын, бирок азыр айыл-

га барып молдо боло албаймын", – деп макул болбой коёт. Айылдыктар убактылуу молдосу жок калат. Арадан 6 ай өткөндөн кийин баягы Асан деген жигит белгисиз себептерден улам кызмат орду кыскартылып, жумушсуз калат. Эч жолу болбой, башка жумушка орношо албайт. Өзүнүн окуган илимин (дин илими), аталарынан алган батанын күчүн, сырын ойлонуп, айылга барып, молдо болуп, элге кызмат кылып, соопчулук иш жасоо керек экендигин акыры түшүнөт. 1994-жылдан азыркы күнгө чейин Кызыл-Алай айылынын молдосу. Аброю, кадыры эл ичинде абдан чоң. Алла Тааламдын буйругуна жана батанын сырына айыл аксакалдары менен бирге күбө болдум. Асан молдо ушул күнгө чейин менин табыпчылык илимиме ишенип, колдоп жүрөт. Ал киши мага ыраазы. Мен да ага ыраазымын.

# ӨМҮР БАЯН



**Оо жараткан Алла-Таалам!**

Сиз улуксуз, ыйыксыз, жаратуучусуз, кудуретиңиз күчтүү, бүт аалам өзүңүзгө гана таандык. Менин ишенгеним, сыйынганым жалгыз Сиз – Жаратуучу Алла-Таалам!

| | |
|---|---|
| **Тутунган диним –** | Ислам. Намаз окуп, өз парзымды аткарам. |
| **Кармanganым –** | Жараткан Алла-Тааламдын берген табыпчылык касиети. |
| **Туулган күнүм –** | 23-май. |
| **Туулган жылым –** | 1967-жыл. |
| **Төрөлгөн жерим:** | Ош облусу, Алай району, Кызыл-Алай кыштагы. |
| **Дарегим:** | Бишкек шаары, Арча-Бешик жаңы конушу, Аксы көчөсү, 409. |
| **Билимим:** | жогорку, ИИМ Академиясы, юрист; Кыргыз мамлекеттик дене тарбия академиясы. |
| **Чиним:** | Милициянын майору. |
| **Кесибим:** | Элдик табып. |
| **Үй-бүлөлүк статусум:** | Алты баланын атасымын. Жубайымдын кесиби врач, терапевт. |
| **Максатым:** | Эл үчүн эмгек жасоо. |
| **Байланыш тел.:** | 0-772-72-51-24<br>0-772-11-13-25<br>0-700-23-19-67 |

## КАСИЕТ КАНТИП КЕЛДИ?

20 жашымда мага эмнегедир дин тууралуу ойлор келе баштады. Союз учуру болчу. Бардык жаштар динден алыс болуп бара жатабыз. Келечегибиз эмне болот? Куран, намаз билбесек. Бул ааламдан өтүп кеткен ата-бабаларыбыздын арбайларына ким атап куран окуйт? Кыргыздын улуттук намысын, салт-санаасын ким коргойт? деген суроолор тынчтык бербей, сезимдер келип, кандайдыр бир күч мага колдоо көргөзүп, ойго сала баштады. Андан кийин Алла-Таалама жалынып, күч-кубат, ыйман-ысап бериңиздер деп, куран, намаз окуп, сыйына баштадым.

Мен өзүмдө кандайдыр касиет бар экенин байкабаптырмын. Көрсө ата-энем экөө тең мен төрөлгөн күндөн баштап эле билишет экен. Кээде өзүмдү башкача адамдай сезип кетчүмүн. Ачык айтканда, туура эмес, жаңылыш иштерге бара алчу эмесмин. Андай учурда кандайдыр бир күч алдымдан тосуп тургансып, ал тосмодон чыгып кете алчу эмесмин. 24 жашымдан баштап өз касиетим менен табыпчылык кыла баштадым. Мурдатан түшүнүксүз болуп, сезимимди кыйнап жүргөн суроолордун баарына ошондон тартып жооп табыла баштады.

## КАСИЕТИ АТА-БАБАДАН



Тагайбеков Матай, табыптын атасы.

Уулум Кубанычбектин табыпчылык касиети кайдан жана качан пайда болгону тууралуу айтып берейин.

Мындай касиет менен бабам Кудаяр (атамдын чоң атасы) деген кишиде болгон экен. Ал кишиден мага да ооп, анын бир топ касиеттерине ээ болгом.

Биздин заман оор согуш жылдарына туш келди. Ачкачылык, жокчулук, жетимчилик.

Мен, жети жашымда атамдан ажырап каларымды алдын ала сезип, билгем. Бир күнү мектепте сабакта отурсам эле, башым ооруп кыйнала баштадым. Жооп сурап үйгө келсем, атам катуу ооруп төшөктө жатып калыптыр. Мен абдан кыйналып, "Көзүмө ар кандай тартайган аксакалдар көрүнүп, атамды алып кеткени жатышат!" – деп ыйлай берипмин, басылбай. Акыры таңга жуук, үргүлөп, уктап кеткен экенмин, үйдүн ичиндеги ызы-чуу, өкүрүктөн ойгонуп кеттим. Турсам, атам каза

болуп калыптыр. Баш оорум деле, температурам деле жок. Атамдан айрылып отуруп калдык.

Андан эки жылдан кийин, кечинде, үйдө тамак ичип, эт жеп жатканыбыз, Колумдагы койдун далысынан аянбелги көрүндү. "Апа, эртең биздин башкарма Абдырайдын бир көзү сокур болот", деп айтып койдум. Эртеси айылдагы кошуналардан уктук, башкарманын көзү көрбөй калыптыр деп. Анда энем маани берген эмес экен. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин, баягы далыдан таекебиз Бапынын ааламдан өтөрү билинди. Улуу агама айттым: "Таекемдин үйүнө барып коштошуп келбейбизби, ооруп жатты эле", – деп. Адамбай агам мени кагып-тилдеп, өзү жатып алды. Эки сааттан кийин кабар келди, каза болду деп. Менин айткандарымды энем Алмакан угуп калган экен. "Мына бу жетим жөн өлбөй калды, кайдагынын баарын алдын ала айтып", – деп мени тилдеп, сабап, койнумдагы далыны алып, күйүп жаткан отко салып жиберди. Ошондон кийин (көп жылга чейин) бул аян белгилердин көрүнүүсү эмнегедир басылып калды.

24 жашымда анча-мынча, мурдагыдай толук эмес, бирок кандайдыр бир кыйыр белгилер байкалып жүрдү. Советтик коммунистик доордогу динге каршы саясаттан улам, бардык эл андан алысыраак болуп, мен да жакындан тутунуп, кармана албадым. Тун уулум Кубанычбек төрөлгөндө мендеги касиет балама ооп, ага өткөнүн сезгемин. Бирок, ал 24 жашка чыгып, өзүнө аян-белгилер болгонго чейин ага айткан эмесмин. Бул илим өтө катаал, кыйын, жоопкерчиликтүү, адам өзүн токтотуп, анын эрежелерин аткарып, карманышы кыйын. Балам жаңы иштеп баштаганда 5–6 жыл кемпирим экөөбүз коркуп жүрдүк. Өзү да абдан кыйналды, сыягы, андан кийин барып толук өздөштүрдү. Азыр кудайга шүгүр, элден колунан келген жардамын аябайт. Суранарым Алла-Тааладан, өзүн колдоп, ар кыл жамандыктан сактасын. Менин уулум элдин уулу болсун. Чоң аталарынын, анан менин батам тийсин, Оомийин!

## ЭМНЕДЕН БАШТАЛДЫ?

Жыйырма жаштагы бир жаш келин уйку-соо аралаш, алыстан чала-була чыккан бирөөлөрдүн үндөрүн угуп, алардын айткан сөздөрүн унутпай, көңүлүндө сактап калууга бүт аракетин жумшап жатты. "Бул баланы эмне кылабыз? Бул бала 20–25 жашка чыкканда ар кандай ооруларды ай-



Мамакан кызы
Майрамкан,
табыптын энеси

ыктырып, элдик дарыгер болот" деген эки эркектин кобураган үндөрү ал ымыракайдын келечек жолун аныктап, тагдырын чечип жатышты.

Кийинчерээк, түшүндө көргөн бул көрүнүштү келин айылдагы молдого айтып, ой бөлүштү. Молдо анын айткандарын: "Бул баланын колдоочу периштелери бар экен", – деп жоруган эле. "Шашпагыла, кийинчерээк белгилүү болот, азырынча жайына койгула", – деп жыйынтыктаган.

Андан бери күн артынан күндөр өтүп, айлар алмашылып, жылдар тогошту. Канчалаган суулар агып, дүйнөдө канчалаган окуялар болуп өттү.

Кубан 18 жашка чыкканда динге ынтызар боло баштады. Менин макулдугум менен ал, бир күнү Ош өрөөнүндө "кыргыздын Вангасы" атка конгон Эркайым аттуу кемпирге барды. Эркайым да бала төрөлгөндөн эле анын эки периштеси бар экенин чекесинен карап туруп, айтып берет.

Үйгө кайтып келгенден көп өтпөй, Кубандын көзүнө ал периииштелер даана көрүнөт. Апасы, аларды көрө албаса да: "Кызым, билесиңби? Балаң төрөлгөндө биз сага келгенбиз. Буга чейин биз аны жаман нерселерден сактап келдик. Эми убакыт келди – ал элди айыктыра башташы керек. Биз айткан нерселерди эле жасап турса жетиштүү болот", – деген сөздөрүн так угат. Башка табыптар бул окуяга анчалык маани беришпеди. Эркайым апа гана ал периштелердин бирөөнү – чалды көргөнүнөн кабар берет.

Кубандын табып катары жаралуу мезгили да ушинтип башталды. Бул окуядан кийин башынан топуну түшүрбөй турган болду. Эртең менен таң заарда туруп, намаз окуйт, эч бир ачуу тамакты оозуна албай калды.

Кубандын жаш кезинен жүрөгүн өйүтүп, көңүлүн ооруткан бир каалоо-тилеги бар эле. Эч бир дарыгердин дабасы тийбей, айыкпаган жүрөк оорусу менен официалдуу медицинада атайын каттоодо турчумун. Кубан апасын айыктыра ала турган адамга ал бүт баарын – бар байлыгын, керек болсо, өмүрүн да берүүгө макул болчу. Периштелердин айтуусу менен ал мени ар түрдүү ооруларымдан таза айыктырды.

– Ушундай тилегим Кудайга жетип, анын мага берген касиетинин шыпаасы эң биринчи, апама тийгендигине мен миң мертебе ыраазымын, – дейт уулум Кубанычбек.

Андан кийин бир жаш келин келип, эки жашар баласынын алигиче тиши жарылбай жатканын билдирип, себебин сурады. Ал үч күн удаа келип, Кубанычбектин айткандарын так аткарганга аракеттенип жүрдү. Төртүнчү күнү, эмнегедир, ал белгиленген убакыттан кечигип, бир топ убакыт өткөндөн кийин, аябай шашыла чуркап келип: "Кечирип коюңуз, балам ысыктап калып, жанынан чыга албай, кечигип калдым", – деди. "А сиз анын оозун карап көрдүңүзбү?" – деген табыптын суроосунан улам, ал кайрадан чуркап үйүнө кетти. Барса, чындап эле баласынын ууз тиштери жарылып, чыгып калганын көрөт.

Ушул окуядан кийин Кубанычбектин табыптык өнөрү бүткүл Алай өрөөнүнө чагылгандай тарады.



**Ибраев Мухтар Бугубаевич,**
*Чүй-Токмок шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары, милициянын подполковниги*

## ЭКИ МИЛДЕТТИ ТЕҢ АТКАРДЫ

Матай уулу Кубанычбекти 1995-жылдын август айынан бери билемин.

Себеби, ошол кезде Кубан мен жетектеген Аламүдүн райондук ички иштер бөлүмү-нө которулуп келген. Ички иштер кызматында иштеп жүрүп, табыпчылык илимин да катар алып жүрдү. Оорулуу адамдарды дарылап, колунан келген жардамын берип жүргөнүн жакшы билемин. Себеби, мен, жетекчи катары, Кубандын үйүнө барып, өзүнүн кызматтан бош убагында элдерди кабыл алып, дарылап жүргөнүн көрдүм. Өзү менен сүйлөшүп, табыпчылыгы тууралуу сурасам органга келгенге чейин, студент кезинде эле дарылап жүрчү экен. «Байке, бул өлбөс өнөр чоң ата-ларымдан калган касиет, ата-кесип, өмүр бою карманып, иштейм», – деп жооп берген. Мен тааныган 13 жылдын ичинде ИИМ бөлүмүндө кесиптештеринин арасында чоң кадыр-баркка жетти. Кесиптештери «Молдоке» деп сыйлашып, ооруп калгандары эң биринчи аны менен кеңешкендери да чындык. Эки бөлөк татаал кесипти бирге алып жүрүш, албетте, оңой эмес. Кубанычбек күчтүү табыпчылык касиетин иш жүзүндө көргөзүп, кесиптештеринин

ишенимине кирип, урмат-сыйга жетишти. Өзү кичи пейил, милициялык жумушун так аткарган үлгүлүү, жакшы кызматкер.

Ички иштер кызматында иштесе дагы убакыттын тарлыгына карабай өз убагында элдерге жакшы жардамын көргөздү. Канча деген адамдарды дарылап, сообуна калды.

## МИЛИЦИЯ КЕСИБИНДЕ ИШТЕГЕН КҮНДӨРҮМДӨ



Мен милиция кесибинде иштеп жүргөндөгү кыйналбоомо кесиптештеримдин динди сыйлаганы жана табыпчылыктын касиетине ишенгендери чоң жардам болду. Кыргыз элинин салт-санаасын, улуттук намысын сыйлап, коргой билген жетекчилерибиз милициянын генерал-лейтенанты Жанызаков Б. Ч., милициянын полковниги Жоошбаев С. Ж., милициянын подполковниги Ибраев М. абдан көп колдоо көрсөтүп, жардамдарын беришти. Табыпчылык касиетимди милициялык кесибим менен айкалыштыра иштөөгө шарт түзүп, көмөк көргөзүштү. Мен милициянын Аламүдүн, Ысык-Ата райондук бөлүмдөрүндө иштедим. Кесиптештеримдин көбү менден дайыма кеңеш сурашчу, дарыланышчу жана мага да өздөрү милициялык кесибиме жардам беришчү. Мени менен чогуу иштеген көп кесиптештериме жардамым тийди деп ойлоймун. Себеби, көпчүлүгү келме келтиргенди, куран, намаздарды менден үйрөнүштү. Орозо кармашат. Кесиптештерим жаман иштерге эч качан барышкан жок. Мен бар жерде жаман сөздөр да айтылчу эмес. Бирге иштеген жалпы кесиптештериме ыраазымын. Алар менин атымды да, наамымды да айтпай, «Молдоке» дешет. Кесиптештеримдин колдоосу менен милициянын майору деген наамга да жеттим. Келечекте дагы даражам көтөрүлөт деген үмүтүм бар. Убактылуу кармалган адамдардын ооруп калгандарына, мисалы, астма, талма (приступ), аруу (эпилепсия) ж. б. ооруларга жардам берчүмүн. Ошондой эле жалган айтып, оорулумун дегендерди аныктап, билип койчумун.

## ЭЛДИК МЕДИЦИНА ДЕГЕН ЭМНЕ?

Элдик дарыгерлердин да башка кесиптегилер сыяктуу билими жана атайын кесипчилик деңгээлдери болот. Орто билимдүү, жогорку билимдүү дегендей. Тилекке каршы, биздин мамлекетте европадагыдай элдик дарыгерчиликтин атайын окуу жайлары жок. Европада орто жана жогорку окуу жайлары бар экен. Биздин дарыгерлер илимди устаттарынан, ата-бабалардан үйрөнүп, ар ким ар кандай улантып келе жатышат. Бул үйрөнгөнгө өтө кыйын. Ар кимге эле ачылып бериле бербейт. Табыптардын да түрдүү багыттары, кесиптери болот. Мисалы, салттуу медицинадагы хирург, кардиолог, невропатолог дегендей. Ар бир дарыгер өзүнүн багытын туура аныктап, толук билип алып, ошол багыт боюнча гана иштесе, элге кыйла жардам бермек жана ишеним алып келмек. Муну айтканымдын себеби, төлгөчү, киринечи, айтымчы дегендердин баары эле тумар жазам, жол ачам, төрөтөм, пал ачам, дубасын жандырам дейт. Бул, мисалы чач тарач "операция жасайм" дегендей эле кеп. Чала сабат адамдар биздин ата-бабаларыбыздан бери келе жаткан илимди булгап жана элдин ишенимин кетирип жатат. Ар бир дарыгермин деген адам өзүнүн ким экендигин жашырбай, толук айтышы керек.

Молдо. Бакшы. Табып.

Бул үчөө – үч башка илим.

Көрүнүүгө келген адамдардын өздөрү да алардан ким экендигин сурашы керек. Эскерте кетчү нерсе, булар карта ачпайт. Менин негизги айтайын деген оюм: элдик медицинанын табигый касиеттери бар жана анын күчү абдан зор. Ага ишенимиңиздерди жоготпоңуздар. Беш кол тең эмес дегендей, касиетим бар деген адамдын өзүн байкап көрүп, анан кармаган илимине ишениңиздер.

## ИЛИМИН ТАЗА КАРМАСА

Турмуштук практикамда менден дарыланып, мага таарынган беш-алты адам болду. Себеби, алар менден дарыгерликти үйрөтүүнү суранышкан. Мен аларга үйрөтө албайм

деген жооп бердим. Анткени, бул илим ким кааласа эле үйрөнө турган илим эмес. Мындай илимди миңден бир адамга Алла-Таалам өзү атап, буюрат экен. Табыпчылык өтө татаал, кыйын жана жоопкерчиликтүү, оор иш. Өтө күчтүү жана чексиз илим. "Диний медицина" аталган илимдин өкүлдөрү табыптардын билими да даражаларга (категорияларга) бөлүнөт десек болот.

Биздин ата-бабаларыбыз бул илимди өтө бийик деңгээлге жеткирип, өздөштүрүшкөн. Ага кыргыздар Улукман атаган орто кылымдагы улуу дарыгер Абу Али ибн-Сина баштаган элдик медицинанын мыктылары жакшы далил. Дал ошолордун азыркы, илимий медицинанын пайдубалын түптөшкөнү, илимдин негизи болгондугу чындык. Аны эч ким тана албайт.

Мисалы, өткөн мезгилдердеги касиеттүү адамдар, сууларды отсуз кайнаткан, аязсыз тоңдурган, жайчылар жамгыр жаадырган, далай ооруларды дем салып, дуба түшүрүү менен эле айыктырып коюшкан (аны азыр психотерапия деп да аташат). Ошол илимдер кайда кетти, көбүнүн биротоло жоготулуп кеткендигин тарыхыбыз айтып жатпайбы. Эл ичинде дастанчылар, эпос айтуучулар (манасчылар), касиеттүү, олуя, илимдүү адамдар көп болгон. Алар да – Алла-Тааламдын шыпаасы тийген адамдар. Биз эмнеге айрымдарын сыйлап, ишине жол беребиз да, кай бирлерине жолтоо болуп, иштөөсүнө мүмкүндүк бербейбиз? Баарына бирдей мамиле жасоо керек.

Өзүбүздүн салт-санаабызды, тарыхыбызды, өнөр-касиеттерибизди сыйласак, бизди башка элдер да суктанып, сыйлашат. Колдо бар алтындын баркы жок дегендей, өзүбүздүн түпкү дөөлөттөрүбүздөн алыстап кеттик. Эми ошолорду кайтарышыбыз керек.

Диний медицина өзү үчкө бөлүнөрүн айттык:

1. Табып (дарыгер).
2. Молдо (дин өкүлү).
3. Бакшы (психолог).

Булардын ичинен, мисалы: табыпчылардын деле (башка кесиптегилер сыяктуу эле) орто билимдүүсү, жогорку билимдүүсү (профессор, академик дегендей) жана билими жоктору бар.

Алардын атайын кесиптик багыттары болот:

1. Сыныкчы.
2. Тамырчы.
3. Дубачы.

4. Хирургу.
5. Терапевти.
6. Диагноздоочусу.
7. Айтымчысы.
8. Төлгөчүсү.

Айрым адамдарда өзгөчө касиет болот. Элибизде аларды "чымындуу", же болбосо, "көзү ачык" деп айтышат. Андай адамдарда Алла-Таалам берген касиети, колдоочу периштеси болот. Кай бир учурларда көзү ачык адамдардын көбөйүп кетүүсүнүн себеби илимди начар өздөштүргөн, кай бир көзү ачык адамдар касиети бар (колдоочу периштеси бар) адамды көрсө эле: "Сенин касиетиң бар экен, карманып, бата алып көзүң ачылышы керек", – деп адамдарды жолдон адаштырып жатышкандыгында болуп жатат. Ал адамдардын баарына касиетти Алла-Таалам көзү ачылсын, молдо, бакшы, табып болсун деп берген эмес. Бөлөк эле илимди өздөштүрсүн, врач, илимпоз же жазуучу, акын болсун деген. Андай адамдардын таза жүрүүсү зарыл. Динде айтылган шарият-шарттарды так сактай алса, андай адам өзүнөн-өзү эле максатына жетишип, ийгиликтердин ээси боло алат.

Ал эми атайын көзү ачылып, бата алып, бакшы, табып болуп, элге сооп үчүн иштей турган адамдар өтө сейрек болот (башка динде аларды Богослужащий деп коёт).

Айрым учурда медицина кызматкерлери табыптарга карата ар кандай сын пикирлерди айтышат: анатомия, физиологияны билишпейт, анан кантип адам дарылайт дегендей. Мен буга толук кошулам. Себеби, чала молдо дин бузарлар адам түшүнбөгөн, ишенбеген, жалган диагноздорду айтып, адамдарды чочутуп, ишенимин кетиришет.

## КАНДАЙ ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНБОО КЕРЕК?

Дарылоого топурак, таш, карышкырдын чүкөсү, бүркүттүн тырмагы, иттин майы сыяктуу ж. б. гигиенага туура келбеген нерселерди эч колдонбоо керек. Бул ыкма туура эмес жана алардын эч кандай дарылык касиети жок.

Медицина кызматкерлери элдик медицинаны жок деп эч качан так кесе чечим чыгарбоосу зарыл. Анткени, диний медицина илимий медицинадан мурда пайда болгон. Европада жана дүйнөнүн көп мамлекеттеринде элдик медицинаны биринчи кезекте колдошоп, сыйлап урматташат. Менин дарыгерлик тажрыйбамда көптөгөн медиктер, ажы,

молдолор менден дарыланышты жана кеңеш сураШты. Башкача айтканда тажрыйба алмаштык. Мындай адамдар – динди, илимди толук окуп түшүнгөн билимдүүлөр. Эч качан өзүмчүл болбоо керек. Бул – тарых жана дүйнөлүк тажрыйба. Биздин мамлекетте табыптарды, бакшы-молдолорду, касиети бар адамдарды окутуп, даярдай турган окуу жайы болсо эң жакшы болмок, элге чоң пайдасы тиймек. Өнүккөн мамлекеттерде ошондой атайын орто жана жогорку окуу жайлары бар. Бизде да атайын окуу жайлары ачылып, анда окугандарга медициналык билим жана дин боюнча билим алышса, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарын билип чыгышса жакшы болор эле.

Көп адамдар өз касиеттерин колдоно албай кыйналып жүрүшөт.

## ТАБЫПЧЫЛЫК ҮЙРӨТҮЛБӨЙТ.

Табыптар дагы: табып, устат табып дегендей бөлүнөт. Устат-табыптардын стажы 7–10 жылдан кем болбой, ага да атайын кошумча касиети барлары татыктуу болот.

Айрым көзү ачыктар өздөрү адашып, анан башка адамдарды жолдон чыгарып жүрүшөт. Андайлардын көбүнүн стаждары болгону 1–3 жыл, ал эми ээрчиткен шакирттери 30–40ка жетет!.. Бул эч туура эмес. Андайлар өздөрүндө касиети бар экенин айтып, адам дарыласам болот экен деп келишет. Аларга туура эмес иш кылып жаткандарын айтып койгонум үчүн мага келген канча адам таарынып кетти. Мен алардын касиеттери барбы, жокпу текшерип көрүп, андай касиетиңер жок, бөлөк эле иш жасаңыз десем таарынышат. "Чала молдо" адамдардын "дежурный" диагнозу:

1. Дуба окутулган.
2. Чымыны бар.
3. Жолуң жабык.

Мени алар кечирип коюшсун, бирок бул – чындык. Жок нерсени жок деп айтуу – менин парзым. Антпесем, күнөө кылган болом. Андай, өздөрүн касиеттүү сезип алган адамдардын көбү өз ойлоруна өздөрү алдангандар, аларды орус тилинде психологдор "самовнушение болгон" деп айтышат. Алар андай "оорудан" тазаланып, өз мүмкүндүгүнө ылайык иш жүргүзүшсө, коомчулукка да, өзүнө да көп пайда келтиришмек. Адамды дарылоо касиетин Жараткан Алла-Таа-

лам баарына эле бере бербейт. Өзүнө-өзү ишенип алгандар болсо өзүн да, бөлөк адамдарды да алдап, кыйноо тартып калышат. Бул илим ким каалаca эле үйрөнө бере турган иш эмес. Табыпчылык илими – өтө татаал, кыйын жана жоопкерчиликтүү оор иш. Табыпчылык – бул өтө күчтүү жана чексиз илим. "Диний медицина" деп үстүртөн айтылып келе жаткан табыптардын билими да даражаларга (категорияларга) бөлүнөт (Бул тууралуу жогоруда да айтылган. Кубан бул маселеге кийин атайылап кайрылып, кенирээк баяндап берүүгө ниеттент). Биздин ата-бабаларыбыз бул илимди абдан бийик деңгээлге жеткире өтө терең өздөштүрүшкөн. Мисалга алсак, алар сууну отсуз кайнаткан, муздаткычсыз тоңдурган, жайчылар жамгыр жаадырган. Дастанчылар, эпос айтуучуулар (манасчылар), касиеттүү олуя адамдар кыргыздарда көп болгон. Азыр ошол илим кайда кетти? Советтик доордун бул илимге тийгизген салакасы дагы эле таасирин улантууда десек болот. Ар кайсы мезгилдерде, ар кайсы өлкөлөрдө көптөгөн илим-билимдердин ар кандай себептерден улам кайрылгыс болуп жок болуп кеткенин гезит-журналдардан окуп, телекөрсөтүүдөн көрүп, угуп эле жүрөбүз. Дагы эле ушинтип ишенбей жерий берсек, биз көп нерседен куру жалак калабыз, жоголгондон калганынан да айрылабыз.

Бул илимдин 20-кылымдардагы чет элдик чыгаан адамдарды айтсак: олуя Вангага миллионго жакын адамдар (арасында бүт дүйнөгө белгилүү адамдар да бар) ишенип көрүнүшүп, кеңеш алышкан. Дагы бир чыгаан Вольф Мессинг деген адамдын таң каларлык касиеттерин кимдер билбейт? Ал да тарыхта калды. Ошол олуя кишилердин айтымчылык (предсказатель) деген касиети өтө жогору болгон. Биздин динде айтымчылыкка көп жол бербейт. Ага мен толук кошулам. Адамдын өмүрү, өлүмү жана тагдыры бир гана Жаратуучуга анык белгилүү. Аша кечип, келечекке ашыгып төлгө салбоо керек.

Мен өзүм деле табыпчылыкты мыкты толук өздөштүрдүм деп айтуудан алысмын. Анткени ар бир илимдин ачылгандан ачыла элек сырлары көп болот.

Мисалы, мен өздөштүрдүм деген бир касиетимди айтайын. Тамыр кармап, диагноз коём, ар кандай ооруну, бүт организмдин иштөөсүн аныктап биле алам. Мен койгон көп диагноздорду УЗИ, рентген анализдери далилдеп бериш-

ти. 18 жылда миңдеген адамдарды көрдүм. Тажрыйбамда медиктер менен биргелешип диагноз коюп, иштешкен учурлар да болду. Мен өзүмдү диагноздоочу-табып катары сезем. Оорулуу адамдарга так диагноз коюп, өзүмдөн айыга тургандарын дарылоого кабыл алып, башкаларына багыт, көргөзмө бере алам. Табыпчылык илимди ата-бабаларыбыздан бери карманып келишкен экен. Бул, айрыкча, кыргыздарга таандык илим. Биздин мамлекетте таланттуу адамдар көп, күчтүү дарыгерлер да бар. Ошолордун башын бириктирип, илимди толук изилдөөчүлөр чыкса элге жана медицинага көп жардам болмок. Биз башка элдерден илим үйрөнбөй, өзүбүздө бар илимдерди өркүндөтүп, таланттарды жарыкка чыгарсак натыйжалуу болмок. Чыңгыз агабыздай кыргызды дүйнө элдерине таанытсак деген тилек бар. Биздин салттуу медицина илимин дүйнөгө тааныткан Иса Ахунбаев баш болгон атактуу дарыгерлерибиз көп. Ал эми кыргыздын элдик медицинасын, анын уникалдуу жактарын сыртка тааныткан адамдар аз, дээрлик жок. Кытай, япон, тибет, индус ж. б. элдер элдик табыптарын кандай аздектеп, жарнамалап, алар менен сыймыктанып, бүт дүйнөгө таанытып жатышат. Алардан кем калбаган касиет биздин кыргыз элдик медицинасында да бар, бирок өкүнүчтүүсү колдоо жок. Өзүбүздүн салт-санаабызды, тарыхыбызды, элдик медицинабыз ж. б. нукура элдик дөөлөттөрүбүз менен өзүбүз сыймыктансан, өзүбүз аздектесек, анан башка элдер сыйлашат. Бизде колдо бар алтындын баркы жок болуп, нукура элдик дөөлөттөрүбүзгө тийиштүү деңгээлде көңүл бурулбай, жерилип, бааланбай жаткандыгы өтө өкүнүчтүү.

## КУБАНДЫН ДАРЫЛОО ЫКМАЛАРЫ ЖЕ ЖОЛДОРУ

Дарылоонун ар кандай ыкмалары бар. Дубалардын күчү, дары чөптөр, таза булактардын суусу жана периштелердин колдоосу аркылуу дарылоого болот.

1. Сеанс менен.
2. Дары (чөптөр) менен.
3. Биоток.
4. Укалоо (массаж).
5. Точкаларга массаж.
6. Ванна (ысык суу же буу) менен дарылоо.

7. Дубалардын күчү менен.
8. Операция (бычаксыз).
9. Тескери окулган дубаларды касида окуп кайтаруу.
10. Каргышты кайтаруу (көчүрүү).
11. Толук адамдардын арыктоосуна жардам берүү.
12. Арык адамдарга салмак кошконго жардам көрсөтүү.
13. Жүрөк көтөрүү.

Менин 18 жылдык тажрыйбамда КМШ мамлекеттеринде жашап жаткан көп улуттагы ар түрдүү диндеги оорулуу адамдар кабыл алуумда болушуп, дарылоодон өтүп жүрүшөт. Дарыланып, ооруларынан айыккан адамдар Алла-Таалам үчүн бардык улуттагы адамдар бирдей экенбиз деп, тобо келтиришип, Алла-Таалама ыраазычылык билдиришүүдө жана Жаратуучу жалгыз экенине баш ийип, ишенүүдө.

## *ӨЗГӨЧӨ ИНСАН... МИЛИЦИОНЕР – ТАБЫП*

*Алгач укканда ишенбедим. Милиционерден да табып чыкмак беле? Кантип эле?.. Бирине бири эч коошпогон эки кесипти бир адамдын ийгиликтүү аркалоосун мурда угуп-билген эмесмин. Көрсө, табият сыры, адамзаттын мүмкүнчүлүгү чынында эле чексиз белем! Ага толук ынандым...*

*Матай уулу Кубаныбек Аламүдүн РИИБдин нөөмөт бөлүмүндө иштейт, милициянын капитаны, 35 жашта. Бишкектин четинде жашайт. Адамдарды такай дарылай баштаганына 8 жылдан ашты. Алгач табыпчылыкка ишенбеген кесиптештерин кантип, кандайча дарылай баштаганына албетте кызыктым.*

*– Мурдатан эле адамдарды дарылап жүргөм. Кесиптештериме айтчу эмесмин. 1995-жылы Закиров деген тергөөчүбүздүн буту куяңдап, баса албай калганынан карап көрүп, үзүп койсом басып кетти. Аны көргөн Жантаев деген кесиптеш капитан бар эле, бир күнү далысы жабышып ооруп, чыдатпай жатканын айтып калды, массаж жасап айыктырып койдум. Алгач, кесиптештериме табыпчылык илимим менен үшинтип билингем.*

*Азыр өз өлкөбүздөн гана эмес, Россия, Кавказ, Казакстандан бери Кубанычбек табыптан шыпаа издеп келишет экен. Ал, биоток, массаж, дуба, ванналар, бычаксыз*

*операция жана көпчүлүк сеанс берүү ыкмасы менен дарылайт. Диагноз койдурууга, дарылануууга медициналык мекемелерге да жиберет. Өзүн тубаса табыпмын деп санайт. Атайын медициналык билим алган эмес. Ал эми ооруну аныктап, дарылоодон кийин кайра ооруп, кайрылгандар боло элек. Ал оорулуулардын баарын эле четинен алып дарылай бербейт. Өзү текшерип чыгып, көргөн соң өзүнө тийиштүүлөрүн алып калат да, туруктуу дарылоо жүргүзөт. Кимге, кайсы ыкма натыйжалуу болсо, ошону колдонот. Мисалы, баш ооруну – массаж, дары, жүрөк оорууну – сеанс, жүрөк көтөрүү, ал эми ашказан, он эки эли ичеги ооруларын операция, бөйрөк, гинекологиялык, көз ооруларын дары ыкмасы менен айыктырса, астма, зоб (богок), холестицитти, жекече ар бир сыркоого пайдалуу жолун аныктоо менен дарылайт. Өзүнө тийиштүү эместерин шыпаа берчү врачтарга, табыптарга жөнөтөт.*

*– Кийинки кездери дубалап (окутуп) койду деп кайрылгандар көбөйдү, – дейт Кубанычбек табып. – Бирок алардын көбү оорулуу эмес, бөөдө эле шек санап, бирөөлөрдүн тилине ишенип алгандар. Бирок дубадан да ооругандар бар (тескери дуба), дубанын ысытма, суутма, байлатма, бактысын, жолун байлоо ж. б. түрлөрү болот. Бишкекте, айылдарда акча үчүн ошондой терс дуба окугандар бар. Алардан этият болуп, бергендерин кабыл албоо керек. Ал эми чынында эле дуба салынгандарды кайра жандыруу зарыл, антпесе, адамга зыян болот. Андай "сыркоолорду" да жандырганга жардам бере алам.*

*Дегеле табыпмын дегендер көбөйүп кетти. Чыныгы билгендер гана адамды дарылашса. Табыпчылык – өзүнчө чоң илим. Аны терең билип, ак ниетте гана колдонуу керек.*

*Дагы бир көңүл чөгөргөн жагдай – табыптыкты дин менен аралаштырып жиберишти. Экөө эки башка, аларды ажыратуу керек. Чала табыптар Исламды өз кызыкчылыктарына пайдаланып, анын баркын кетирип, элге жаман көрсөтүп жатышат. Эл ишенимин динге кайтаруу зарыл. Элдик медицинаны иретке салса жакшы болор эле. Чыныгы касиети барларын гана иргеп алса...*

*Элдик медицина илимине өз энчисин берип, жол ачып берсе, элге чоң пайдасы тиер эле...*

***А. Сармамбетов,***
***"Кыргыз Туусу", №63 , 2002-ж.***

## БАТАНЫН СЫРЫ

Биздин ата-бабаларыбыздын да илгертен айтып келген: "Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт" – деп. Бул динди карманып тутунуп жүргөн адамдарга эле эмес, башка адамдарга да тиешелүү.

Кандайдыр бир адам ата-энесин сыйлабаса, анан мечитке же чиркөөгө сыйынганы барса, Алла-Таалам айтат экен: "Эй, пендем, мен сени бул ааламга ата-энең аркылуу жараттым, көзүң менен көрүп турган ата-энеңди сыйлабасаң, көрбөй туруп мени сыйлайм деп айтпа, мен сага ишенбейм". Чын эле алардын тилектери кантип кабыл болсун? Менин тажрыйбамда да ушундай ондогон учурлар болду. Өзүнүн ата-энесинин ак батасын албаган адамдар эч качан жакшы жашоого жетпейт. Күндөлүк жашап жаткан турмушунда жолу болбойт, үй-бүлө кура албайт, күйөөгө чыга албайт же аял ала албайт, баласыз жана жумушсуз болот. Ата-эненин көзү тирүү кезинде аларга чын дилден ыраазычылык билдирип, ак батасын алышы керек. Ар бир ата-эне айта берет: "Айланайын, мен өз балама кантип ыраазы болбоюн, ыраазымын", – деп.

Бата алгандын да тартиби бар. Ата-энеңди дасторконго отургузуп, сый көргөз (колуңдан келишинче). Анан айт: "Урматтуу ата-эне, мени өстүрүп, чоңойткон эмгегиңиздер үчүн өмүр бою ыраазымын. Сиздерден суранам, мага ак батаңызды бериңиздер", – деп.

## АТАНЫН НАЗАРЫ (КАРГЫШ)

Мага көрүнгөнү 40 жаштагы казак жигит келип, өзүнүн 2 жолу үйлөнүп, аялдарынын төрөбөй жатканын айтып:

– Эми аргам жок үчүнчү жолу үйлөнөйүн деп жатам. Сизди киши дарылайт деп угуп келдим. Эмне кеңеш айтасыз? – деди.

– Сиздин ден соолугуңуз кандай? – десем, ал:

– Врачтарга көп эле текшерилдим, ден соолугум эң мыкты, бардык күнөө аялдарда болуп жатат, – деп жооп берди.

Мен аны текшерип көрүп, суроо бердим:

– Өз атаңыз менен мамилеңиз кандай эле?

Казак жигит мага жалган жооп берди:
– Жакшы.
– Анда врачтар айткандай сизде баары мыкты экен, бара бериңиз, – деп, сөзүмдү бүтүрдүм да, кабинетимден чыгып кеттим.
Он мүнөттөн кийин кайра келсем, ал кетпей күтүп отуруптур.
– Эмне кетпедиң? – десем, ал айыптуу:
– Ага, жана мен сизге жалган (өтүрүк) айтып койдум эле, жүрөгүм кысылып, кете албай койдум. Эми суроонузду бериңиз, мен жооп берем деди.
Мен:
– Он сегиз жашыңызда атаңызга кол көтөрүп, урган экенсиз, сизде атаңыздын назары (каргыштын бир түрү) бар. Ошол себептен балалуу боло албай жатасыз. Алган аялдарыңыздын баары эле төрөй турган аялдар, – десем, ал менден кечирим сурап жиберди. Мен ага:
– Менден эмес, атаңыздан жакшылап кечирим сураңыз, – дедим.
Атасынын бул ааламдан өтүп кеткенине байланыштуу менин кеңешим боюнча мал сойдуруп, кан чыгарып, атасынын арбайына куран окутуп, Жараткан Алла-Тааламдан жана атасынын арбайынан кечирим сурады. Арадан алты ай өткөндөн кийин уктум, ал казак жигиттин аялынын боюнда бар экенин. Тогуз айдан кийин кыздуу болушуптур. Менин жакшы тааныштарым аркылуу ал өзүнүн ыраазычылыгын, рахматын айттырып жибериптир. "Өзүм ал кишинин алдына экинчи жолу бара албайм, уят болдум", – деп. Ошол бойдон келген жок.
Мына, атанын батасынын күчү!

## КАРГЫШ

Аталган тема боюнча толук баяндама Дерек Принстин "Благословие или проклятие" деген китебинде берилет. Ал жалпысынан каргыштын төмөнкүдөй жети белгисин атап өтөт.

***Каргыштын белгилери:***
1. Өтүшкөн каржы кыйынчылыктары (көйгөйлөрү).
2. Өтүшкөн оорулар жана алсыздык.
3. Никедеги көйгөйлөр.
4. Ар дайым болуучу каргашалар.

5. Өз ажалынан мурда өлүм болуу.
6. Аялзат көйгөйлөрү.
7. Психикалык оорулар.

***Каргыш таасирлеринин белгилерин далилдеген учурлар:***

- Мен, балким, бир кадам алдыга жана эки кадам артка кеттим.
- Балким, эч убакта, эч нерсе менин колуман келбейт.
- Балким, мен эч качан алгалабайм.
- Мен ушундай жамандык болорун билгемин.
- Бул нерсе жамандык менен бүткөн болбосо, анда бул нерсе эч кандай бүтпөс эле.
- Бул нерсе дайым мени менен болуп турат.
- Менин ата-энем менен ушундай болгон, азыр мени менен болуп жатат.

Каргыштын таасирлерине маани беришибиз керек.

***Каргыштын түрлөрү:***

Биздин айрым куудулдарыбыз концерттерде тамаша кылып айтып жүрүшпөйбү: "Ак бата берем, тескери бата берем", – деп, бирок бул чынында күлкү эмес, турмуштан алынып айтылган нерсе.

Адамдарга каргыштар ар кандай учурларда тийиши жана ар кандай болушу мүмкүн:

1. Жаратуучунун каарына калышыбыз мүмкүн (күнөө жасап).
2. Ата-эненин назарына (каргыштын бир түрү) калуу.
3. Жаратылышка зыян (өрттөө, жардыруу) келтирсе (мазар урат).
4. Оорулуу, майып адамдарды, кайырчыны кордосо.
5. Илимдүү адамга (дин өкүлү, табып, бакшы) себепсиз сөз, кол тийгизсе.
6. Тескери дуба болгондо (тескери дубаны каргыш катары түшүнсө да болот, себеби бир адамга атайылап кара ниеттик менен жамандык тилеп окулат).
7. Өзүбүздүн каргышыбыз өзүбүзгө тийиши мүмкүн (эч себепсиз адамга жамандык кааласак, өзүбүзгө кайтып келиши мүмкүн).

Кыргыз элинде: "Бирөөгө ор казба, өзүң барып түшөсүң", – деген сөз бекеринен айтылбаса керек.

Эң негизгиси жараткан Алла-Тааламдын бар экенине, биздин жашообузду көрүп-билип, көзөмөлдөп, текшерип, башкарып турарына толук ишенибиз керек.

# *МАЗАР – ЫЙЫК ЖЕР*

*"Мазарсыз эл азар"*

Мазар – кудайга ишенген адамдардын массалык каттоочу, сыйынуучу жайы. Анткени, кудайга чындап ишенген адамдар мазардын динге, Кудайга байланыштуу ыйык касиеттерин билишет.

Айрым адамдар мазарды кээде көрүстөн, күмбөздөр менен алмаштырып алган учурлар жок эмес. Ал тургай, профессор К.К. Юдахин түзүп чыккан кыргызча-орусча сөздүктө да "мазар" – "кладбище" (көрүстөн) деп которулганы өкүнүчтүү. Бул такыр туура эмес. "Кладбище" кыргызча көрүстөн болуп которулат. Көрүстөн адамдар сыйынмак тургай, жөн эле бара бере турган да жер эмес. Көрүстөнгө барыштын да, мазар сыяктуу эле, өзүнүн тартиптери болот

Мазарды көрүстөн менен алмаштырууга болбойт. Аларды аркалаган максаттары бирдей мечит, же чиркөө менен салыштырууга мүмкүн, бирок, көрүстөн менен салыштыруу жарабайт. Көрүстөндүн мааниси башкачараак. Кээ бирөөлөр мазар сымал, көрүстөнгө барып алып, аны кучактап ыйлап, аны кайра-кайра тегеренип, өпкүлөп, кудайга жалынат экен. Бул туура эмес.

## АЙМАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Мазар делип, тоонун чокусу, көл, дарак, айрым учурларда арча, же болбосо, өзгөчө бир өскөн өсүмдүктөр, мисалга, чычырканак (облепиха), ит мурун (шиповник) эсептелиши мүмкүн. Ыйык адамдар сымал, андай өсүмдүктөр башкалардан айырмаланып, бүткүл турпаты, түзүлүшү жана башка артыкчылыктары менен адамдарды өзүнөн өзү эле сыйынууга мажбурлайт. Аларды, адатта, үмүт, тилек, каалоонун багы деп аташып, ар түрдүү чүпүрөктөрдү илип, байлап кетишет. Баарыңыздар билесиздер, Ысык-Көлгө кетип баратканда Боом капчыгайынын кире беришинде ушундай бак бар экендигин. Жолоочулардын дээрлик көпчүлүгү ал жерге токтоп, тоо боорунан чыккан суудан чөйчөктөрүнө тол-

турушуп, бакка чүпүрөк байлап, андан ары жолун улашат. Бул жер бардык адамдар үчүн, эң башкысы, ошол жерде жашаган адамдар үчүн ыйык жер болуп эсептелет.

Ар бир аймактын ушул сыяктуу мазар жерлери бар. Мисалга, Ошто мындай мазар Сулайман тоосунда орун алган. Таласта болсо кыргыздын улуттук баатыры Манастын күмбөзү жана анын айланасы. Бишкекте болсо, албетте, бардыгына белгилүү, Воронцовка айылынын жогору жагындагы "Ата-Бейит" мемориалдык комплексинин жаны.

Бишкекте жашаган кээ бир адамдар сыйынып келүү үчүн атайылап Ошко же болбосо Таласка барышат. Чындыгында, кудайдан кечирим сурап, жакшылык тилеп, сыйынуу үчүн анчалык алыска умтулуунун деле кажети жок. Өзүңүз жашап, суусун ичип жаткан аймактын мазарларына барып, сыйынуу өнөкөтү максатка ылайык. Мисалга, эгер сиз Таластан келип, бир нече жыл Бишкекте жашап жаткан болсоңуз, алгач, Бишкектин тегерегиндеги мазарларга сыйынып, тооп кылып, андан соң, албетте, туулган жер Таластын мазарларын да унутпооңуз кудайга жаккан иш болору абзел. Адам кайсы өлкөдө кайсы жерде жашаса, өзү арасында жашап жаткан адамдардын улутуна, социалдык жана материалдык деңгээлине карабастан, ошол элдин улуттук байлыгына, дөөлөттөрүнө аяр мамиле кылууга тийиш. "Бир күн туз-даам таткан жериңе миң кайрылып салам бер" деген макалды кыргыз эли бекеринен жаратпаса керек.

Мындай бир реалдуу турмуштук көрүнүштү айтып бергим келет.

Бишкекте колунда бар башка улуттагы бир бай адам жашайт. Анын баласы бар эле, буту оорукчал. Бечара балага эч бир врачтын жардамы тийе албаптыр. Анткени, ал баланын оорусу анын дене органдарынын функциялык иштөө тартиби эмес, дилдик абалынын (душевное состояние) тең салмактуулугу бузулгандан болуптур. Анткени, баланын атасы күн сайын ошол жерлик адамдарды теңине албай, сөгүп-сагып, алардын абийирине шек келтирип, мазактаганга чейин барчу экен. А чынында, ал адам ошолордун жеринде жашап, суусун ичип, ошол жерден байлык топтоп жүрбөйбү?! Мына, ушул конкреттүү мисал "кудайдын каарына калган" деген сөздүн маани-маңызын ачык көрсөтүп турат.

Адамдар ушул өңдүү кудайга жакпаган туура эмес жорук-жосундарынын кесепети бала-чакасына тийип каларын унутпай эстеп жүрүшсө...

## МАЗАРЛАРГА КАТТООНУН ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ

Мазарлардын аркалаган максаттары бирдей мечит же чиркөө менен салыштырууга мүмкүн. Мазарга барып таат-ибадат кылуунун да өзүнчө жол-жоболору, максаттары бар.

*Биринчиден,* мазарга баруунун алдында спирттик ичимдиктерди ичүүгө катуу тыюу салынат. Ыйык жерге барып алып, ал жерде арак ичүү же болбосо тамеки чегүү да – кудайга жакпаган көрүнүш. Ал жакка барардын алдында намаз окуп, даарат алып, таза кийим кийиш парз. Эркектер баш кийимчен, аялдар жоолук салынып, жеңдүү көйнөк кийип барат. Мазарга келген адамдардын арасында, сөзсүз түрдө, бирөөсү намаз окуп, куран түшүргөндү билиши керек. Чындыгында, көпчүлүк адамдар мазарга келип тооп кылуунун, сыйынуунун сырын жакшы түшүнүшпөйт. Алар мындай ыйык жерлерге келгенде кудайдан жакшылык тилеп, ооруларынан айыктырууну суранышат. Динге ишенген адамдар мазарларда тек гана Кудайга кайрылып, нукура дилинен байланыш түзүүгө аракеттенүүлөрү зарыл. Башкача сөз менен айтканда, мазар Кудай менен пенделердин ортосундагы "байланыш чекити" катары каралуусу ыктымал. Эгерде ушул тартиптер туура колдонулса, алардын каалоо-тилектери так ушул мазар жайлардан гана толук жетип, канагат алуулары мүмкүн.

*Экинчиден,* мазардын жанына, айланасына от жагууга болбойт.

*Үчүнчүдөн,* мазар жайларга түнкүсүн келип, ал жерде түнөөгө тыюу салынат. Узак убакыт да кармалууга (болжол менен 10 мүнөттөн ашык) болбойт. Бир мазардан экинчисине (музейге келгенсип) ылдам өтүү да максатка ылайыксыз. Ал жерден эстеликке деп топурагын, ташын, же дарактын бутагын бөлүп алып кетүү – чоң күнөө. Куран гана окулуп, көкүрөктөн чыккан каалоо-тилектериңиз Кудайга багытталыш керек.

*Төртүнчүдөн,* эч себепсиз эле мазарга келиштин да кажети аз. Андай жерге, кубаныч менен (бала төрөлгөндө, үйлөнүү тоюнан кийин, жаңы конушка келгенде, же бир башка Кудай берген жакшылыкты көргөндө ж. б. у. с.) жана кайгыга түшкөндө (жолуңуз болбосо, балалуу боло албасаңыз, кайталанган оорулар күчөгөндө, жалгыздыкка кабылсаңыз, жумушуңузда көйгөйлөр көбөйсө ж. б. у. с.) кайрылуу туура. Мазарга жакындап, бир нече кадам калганда, келме

келтирип, мусулманчылык парзыңызды кылышыңыз керек. Келме келтиргенден кийин тескери ойлор да тетири жакта болуш керек. Ошондуктан, ден соолукка, бала-бакырага жана башка жакшылыктарга арналган жакшы ойлор гана оюңузда болуп, ичиңизден үч жолу келмеңизди айтып, мазарга бир өзгөчө урмат менен кайрылышыңыз керек. Кудай жеке кызыкчылыктарын көздөгөн адамдарды жактырбай турганын эсиңизден чыгарбаңыз. Тескерисинче, алгач, жалпы адамзатка, андан кийин, өзүңүзгө арналган каалоолоруңуз ылдам кабыл алынат деп билиңиз. Муну туура түшүнгөн адамдар, адатта, "Кудай, элим аман болсун, эл ичинде биз аман бололу", – дешет. Албетте, мазарга келгенде ар бир адам турмушунда кылып койгон кээ бир күнөөлөрүн кечирип коюну өтүнөт. Башкача айтканда, мазарларда "тазалануу" процесси жүрөт.

Мазарларды алыстан туруп сөөмөй менен көрсөтүүгө болбойт. Айланасына даарат ушатуу, боктоо-сактоо – күнөө. Аны атайын жасаган адамдар өмүр бою майып болуп калышы толук ыктымал. Бирөөлөр менен айтышканда, урушупсөгүшкөндө "мазар" деген сөздү колдонууга болбойт. Өзгөчө, акылсыздык кылып, мазардын өзүн жаман сөз менен атооңуз өзүңүздүн ден соолугуңузга зыян экенин унутпаңыз. Өзүңүз гана тургай, анын каргышы бала-бакыраңызга, небере-чөбөрөңүзгө, ал тургай укум-тукумуңуздун жетинчи муунуна чейин доо кетирерин билип коюшуңуз ашык эмес.

Мазарга барганда бүт дитиңизди багыштап барууңуз зарыл. Каалоосу жок барбай деле койгонуңуз оң. Андан сырткары, мазарларга "орозо" айында, өзгөчө, "Орозо айт" майрамында, өлгөн адамдардын урматына арналган "Курман айт" майрамында баруу шарт.

Дагы. Мындай мазарга баруу учурунда үйдөн жасалган боорсокту, ал эми түлөө кылсаңыз, арнап союлган ача туяктуу малдын этинен алып алсаңыздар болот. Бирок, аларды мазардын жанына отуруп алып тойлоо үчүн эмес, ооз тийип, куран окуп, калганын үйүңүзгө алып кетүүңүз үчүн алып барарыңызды да билип коюңуз.

Биздин атактуу, Ысык-Көлүбүз да ыйык мазарлардын арасында. Анын тегерегиндеги ыплас иштерди айтпай коё туралы. Бул – өзүнчө бир чоң тема.

Тек, көлгө түшөөр алдында ага сый-урмат мамиле менен, келме келтирип, жакшы тилектер менен кирсеңиз

көп ооруларга шыпаа болоруна, тилекке каршы, көпчүлүк маани бербей келет. Көлдө болуп өткөн айрым адам кырсыктары, жаманчылыктар да кээ бир адамдардын тетири мамилесинен, тескери аурасынан болуп жатканын, кайсы бир деңгээлде, ушуну менен түшүндүрсө да болот.

## МАЗАРЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

Мазарлардын бир нече түрү болот. Кайсы бир мазарлар адамдардын көбүрөөк каттап турушун жакшы көрөт. Башкалары тынчтыкты сүйөт. Күчтүү мазарлар тынбай келген, топтошкон адамдарды жактырбайт. Мисалга, Ош областынын Алай районунда Тастар-Ата аттуу, тоонун чокусунда жайгашкан мазар бар. Бул мазарга келип сыйынып, бала тилеген адамдар балалуу болгону жөнүндөгү аңыз кептер жөн жерден жаралган эмес. Дагы бир кызыктуу жери, эгерде, мазарга чыгып бараткан адамдардын бирөө-жарымы ага жакпай калса, тоодон таш кулаганы, ал эми каалоо-тилектери жакшы адамдар баратса, бир дагы таш ордунан козголбогонун байкаган ошол жерлик адамдар айтып жүрүшөт.

Ар бир мазардын "ээси" болот. "Кайып" – добрый дух, "ээ" – дух, покровитель, "периште" – ангел ж. б. у. с. Кай бир адамдар, узак жолго чыгарда мазарга барып сыйынып, бирок, барар жерине жеткенден кийин ыраазычылыктарын билдирүүнү унутуп калышат. Мазарга бул "жакпайт".

Ошто бир адам жашачу, мазардан алыс эмес жерде. Ал ыйык жерге сыйынып, тукумга бала тилеп сураныптыр. Көп өтпөй балалуу болот. Кийин башка жакка көчүп кеткен. Баягы баласы 12 жаш курагында бутун сындырып алып, травмотологиялык больницага түшөт. Апасы кейийт: "Бул эмне эле биздин балабызды кудай каарыды? Эмнесинен жазды? Оорудан кутулбай койду, эмнегедир, же жолу болбойт", – деп. Атасынын чакыруусу менен мен барып көрдүм. "Сынганы бир, андан сырткары, туура эмес гипстеп да коюптур. Сөөгү ийри өсүп атыптыр", – дедим. Рентгенден өткөрсө, табыптын (менин) айтканым туура чыкты. Сөөгүн кайрадан сындырып, жаңыдан гипс коюшту. Ушундан кийин баланын атасы "түлөө" берип, баягы мазарга барып сыйынып, кудайдан кечирим сурады. Кийин бала таза айыгып кетти.

Башка дагы бир окуяны кошумчалай кетейин. Согуштан кийин, илгерки советтик маалда, түштүктөгү бир айылдын адамдары арчага сыйынчу экен. Ал арча ошол чөлкөмдөгү жападан-жалгыз адеми өсүмдүк экен. Жакын арада башка эч бир дарак жок имиш. Ал арчага айланадагы айылдын адамдары келишип, куран окуп, түлөө кылышып, сыйынышчу дейт. Кийинчерээк, башка жактан ооп келген бир адамга, бул жергиликтүү элдин мындай "жапайы" жорук-жосундары жакпай калганбы, же партиялык бийликтин өкүлдөрүнүн бирине берген "убадасын" аткарганга аракеттенгенби, айтор ким билсин, эч ким жокто, өзү барып, ал арчаны кыймак болгон окшойт. Керилип келип, балтасын көтөрүп, арчаны бир чабуу менен кошо, ошол жерден мүрт кетиптир.

## МАЗАРЛАРДЫН КАСИЕТИ

***Ар бир аймактын өз мазарлары болот***

Ошто Сулайман-Тоо, Таласта Манас ата ордосунун жанындагы Кароол-Дөбө мазары, Ысык-Көлдө Көл мазары, Бишкекте Ата-Бейит мазары жана башкалар бар.

Мазарлардын өз күчү, касиети болот. Көп учурда динди тутунган адамдар, ташка, сууга сыйынбагыла дейт. Мен аларга кошулам. Бирок, мазардын бар экенине ишенүү керек жана сыйынгандын тартиби, эрежелеринин маанисин түшүнө билиш керек.

Мазарга барган адам эч качан кайсыл бир ташка, сууга сыйынбайт. Мазар аркылуу Жараткан Алла-Таалама сыйынат. Мазар жер, тоодо, көлдө, булакта же арчада болушу мүмкүн. Ал жер таза болот. Башка диндеги адамдар деле айтып жүрбөйбү "святое место" деп.

***Мазарда кандай сыйынуу керек?***

Алла-Тааланын жолуна деп мазарда куран окулат. Күмбөздөр же таштар ж. б. мазар деп айтылбайт. Элибизде "чала молдо дин бузар" деген макал бар. Динди жана табып, бакшынын касиеттерин начар билген адамдар элдин ишенимин кетирип жатышат. Мазарларга эч качан түнөгөнгө, түн ичинде барганга эч болбойт. Бейшемби, жума күндөрү да, көп барууга да мүмкүн эмес. Бейшемби жана жума күндөрү – мечитке барууучу күндөр.

## *ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТТАР*

Мурда Совет доорунда деле «көзү ачык» адамдар аз да болсо бар болчу. Бирок алар элди жашыруун кабыл алып, жабык дарылашчу. Азыр болсо демократиялык ачык заманда андай көзү ачыктардын жайнап кеткени белгилүү. Аларды айрыкча Бишкектеги Ош базарынын тегерегинен, жер алдындагы өткөөлдөрдөн жана эл топтолгон жерлерден көп көрөсүң. Кай бири карта менен, кээ бирөөлөрү төлгө таш, камчы, майда-бараттар менен төлгө ачып жаткандары кадыресе эле көрүнүшкө айланды.

Алдыңдан жолуңду тосуп, тагдырыңдын өткөн-кеткенин, келечегиңди айтып берем деп алдап, эптеп акча табууну көздөгөн «көзү ачыктардын» көбү – чынын айтканда, кадимки эле алдамчылар. Аны көрүп-билип туруп эле алардын кайырмагына илинген канча адам канча убакытын коротуп, эң башкысы канча ден соолугунан, акчасынан айрылгандарын көп эле көрүп, угуп жүрөбүз.

Бирок чанда болсо да алардын арасында чын дилинен оорулуу менен бирге «ооруган» анык табыптар да жок эмес. Так ушундай табыптардын бири – Кубанычбек Матай уулу. Аны менен жолугуу бактысын кудай мага да буйруптур.

### ТАБЫП

Кубан табыпчылык менен 18 жылдан бери алектенип келе жатат. Ал табыпчылыкты негизги жумушу катары санабаганы менен (кесиби боюнча мугалим, кийинчерээк милиционер), ага ишенип кайрылган ар бир сыркоо адамга колунан келген жардамын аябай, болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшоого аракет кылат. Адегенде мектепте иштеген, андан кийин Аламүдүн райондук ички иштер бөлүмүндө, Чүй областтык ички иштер башкармалыгында кызмат кылып келди. Айрым адамдар анын иштеген жерин укканда кадимкидей таң калгандарын да жашыра алышпайт. «Бул кандайча, колубутун кайрып, машинеге тыгып, “разборка” кылган мили-

ция кызматкери адамдардын тамырын тартып, сылап-сыйпап массаж да кылат бекен», – дегендери да бар.

«Элдин табыпчылыкка болгон ишенимине кайдигер мамиле кылуу туура эмес, – дейт Кубан байке. – Менин дагы эптеп алдар акча табуунун аракетин кылып, ишеним артып келген оорулууларга колунан келсе да, келбесе да айыктырам деген “табыптарга” ичимен ачуум келет. Дарылоонун жыйынтыгы жакшы болбосо, калган бардык табыптарга залакасы тиет», – деп кейийт.

Табып – элдик дарыгер. Табыптардын да атайын окуган кесип ээлери сыяктуу ар кимисинин терапевт, невропатолог, кардиолог саяктуу эле өз багыттары болот, ошондой эле башталгыч, орто жана жогорку даражадагы билимдүү бөлуп бөлүнүшөт.

Молдо – бул дин өкүлү. Курандын аяттарын окуп, тумар жазып, бата берип, дем салып айыктырат.

Бакшы – бул кара магиянын өкүлү. Нерв менен байланышкан ооруларга таасир кылышы мүмкүн. Традициялык психологдорду, психотерпевттерди алмаштырып, камчы, шапалак, чыбык менен ооруларды артынан «кууп» жоготуу аракетин кылат.

Врач – расмий билим алган дарыгер. Илимий жолдор менен айыктырат.

Булардын баарын бир максат бириктирип турат. Ал максат – адамдын ден соолугуна оң таасирин тийгизип, жабышкан оору-сыркоолордон арылтуу. Кай бир молдолор айыктыра албаган оорулууну кадимки медициналык жол менен айыктырууга болот. Бир нече жылдар болю бакшыга баш ийбеген жин оорулар молдонун «тилин угушу» мүмкүн. Ушул сыяктуу келишпестиктердин, адашуулардын айынан оору күч алып, өтүшүп кетиши да ыктымал.

Адамдардын ден соолугу ар түрдүү себептер менен бузулушу мүмкүн.

1. Салттуу медицина илиминин дарылоосуна муктаж болгон оорулар: ысык, суук, жаракат (травма) алуу ж. б. оорулар.
2. Динге байланыштуу оорулар: динге ишенбөөчүлүк, шарият тартиптерин сактабоо, күнөө иштерге баруу, ата-энени сыйлабоо, көз тийүү, каргыш тийүү, тескери окулган дубалардын таасири ж. б.

**Болотакун уулу Буудайчы,**
*45 жашта, Нарын шаары*



## ЖҮРӨГҮМДҮ ДАРЫЛАДЫ

Мен, 2001-жылы май айында Бишкектеги Республикалык кардиология жана терапия борборунда дарыланып жатканмын. Ооруканадан чыгып алып, Кубанга бардым. Ал тамырымды кармап көрүп, 20 күн дарылады. Жүрөгүмдү көтөрүп, ар кандай дарыларды берди. Дарылоо бүткөндөн кийин Кубандын айтуусу менен кайра Кардиология борборуна барып, текшерүүдөн өтсөм, анализдерим жакшы болуп чыкты.

Табып Матай уулу Кубанга ыраазымын!

**Ризван кызы Батимат,**
*44 жашта*



## ТОП ООРУДАН АРЫЛДЫМ

Мен «Ревматизм а/ф 1 ст. стеноз левого а/у отверстия, недостаточность митрального клапана, недостаточность аортального клапана» деген диагноздор менен Кубанга келдим. Ал 28 күн дары, массаж, сеанс менен дарылады. Азыр денеме кубат кирип, ооруларым жоголду. Өзүмдү жакшы сезем, ден соолугумдун таза экенин туям. Рахмат! Кубанга бардык жакшылыкты, узак өмүрдү каалайм!

**Максименко Таисия,**
*пенсионер, Бишкек шаары*



## ОРЕНБУРГДАН КЕЛИП...

Менин эжем Оренбургда жашачу эле. Кан басымы төмөн болуп, эптеп эле басып жүрчү. Көп эле догдурларга кайрылган, бирок, жардам болгон эмес. Арык, анын үстүнө улгайган чагында оорукчал болсо, үмүтүбүз деле үзүлө баштаган. Мен кошуналарымдын «Чоң-Арыкта Кубан деген та-

быш бар экен» дегенинен, албетте, кызыгып барып калдым. Анан, ...анан эле, кокусунан, баягы, Оренбургдагы эжем келип калды. Айтып берсе, күлкүң келет. Үйдө жүргөн тапочка, халаты менен эле вокзалга барып, билет алып, Бишкекке жүрүп кетиптир. Түшүнө Кубан кириптир да, аны чакырган имиш, бул жакка. Анан кантип, «то-боо» дебейсиң? Мен, ачыгын айтканда, мындай болорун күткөн да эмесмин. Эжем ооруларынан кадимкидей айыгып, секирип, чуркап жүрөт, карыганын эстебей калды. Анын экинчи туулган жери Кыргызстан болуп калды. Дайыма келип турат. Ошондуктан, ачык эле айтам, Кубан элге жашоо, ден соолук тартуулаганы келген экен, бул дүйнөгө. Өтө ыраазымын.



**Мария Бесчестнова,**
*63 жаш, Бишкек шаары*

## АЙЫГЫП ДА, АРЫКТАДЫМ

Мен көп жылдар бою кан басымымдын жогорулугунан улам, жүрөк, баш оорулардан кыйналып жүрдүм. 1999-жылы жүрөктүн ишемиялык оорусу (стенокардия), гиперхолестеринемия, 1 даражадагы гипертония оорусу, май алмашуунун бузулуусу менен ооруканада да жаттым. Нитроглицерин, кийин эринит дарыларын ооруканада да, андан чыккандан кийин да ичип жүрдүм. Кубан табып жөнүндө угуп келсем, диагнозун коюп, 25 күн сеанс өткөрдү. Азыр өзүмдү жакшы сезип, кан басымым түшүп, жан кыйнаган оорулардан айрылдым. Кызыгы, ашыкча салмагым азайып, 7 килограммга арыктадым. Кубанга өтө ыраазымын!



**Каныбек уулу Мунарбек,**
*24 жаш, Бишкектеги агрофирманын менеджери,*
*«Кыргыз туусу», №63, 2002-ж.*

## АШКАЗАН ЖАРАМ...

Кубан байке жөнүндө биле электе мен ашказанымда жана он эки эли ичегимде

жара бар деп ооруканада жаткам. Эки жыл өткөн соң ашказаным кайра ооруп, кыйнап, түнкүсүн уктай албай, тамак ичпей калдым. Кубан байкеден дарылангандан кийин, табитим да ачылып, ооруларымды унутуп да калдым. Кудайга шүгүр, азыр ден соолугум чың.

Аман болуңуз, бар болуңуз, Кубан байке!

## ТААСИРИ КҮЧТҮҮ ТАБЫП, ЖЕ ТӨРӨБӨЙ ЖҮРҮП ТӨРӨГӨНДӨР

Мындан беш жылдан ашуун мезгил мурда Матай уулу Кубанычбек менен таанышып, табыпчылыгынын күчтүүлүгүн өз көзүм менен көрүп, айыккандарга жолугуп, «Кыргыз Туусу» гезитине «Милиционер-табып» деп, эки ирет жазганым бар. Ошондон бери кезигише албай жүрүп, эми кезиктик. Өзү да, дабагерчилиги да кыйла өскөн экен.

Бишкектин Арча-Бешик жаңы конушундагы Аксы көчөсүндөгү №409 үйдө чакан кабылдама ачкан экен. Бардык. Бейтаптар көп. Жаңы баскан баладан карыяларга чейин. Сөзүм куру болбосун деп, аларды четинен маекке тарттым.



**Ажыбек Төрөгелди,**
*1986-жылы төрөлгөн*

### БӨЙРӨГҮМ АЙЫКТЫ

Мен 1996–98-жылдары бөйрөгүм ооруп, догдурларга кайрылган элем. Алар «аллергический гломерулонефрит» деген дартты аныкташты, бөйрөктөрүм дарысыз иштебей калды. Ошондо да эки-үч жыл толук иштебей, трансплантация жасоо керек дешти. Ошентип, не кыларымды билбей, өтө катуу кыйналып жүргөнүмдө Кубан байкеге жолуктум. Анын илиминин зор кудурети мени аман алып калды. Экинчи өмүр берди. Азыр эч кандай дарысыз эле жашап жатам. Алтургай аскерге да жарактуу болуп, барып келдим. Медициналык-хирургиялык дарылоосуз эле, Кубан байкемдин касиети – элдик медицинанын аркасында оорумдан толук айыктым.

**Бактыгүл Качыбекова,**
*40 жашта*



## ШИШИКТИ БЫЧАКСЫЗ АЛДЫ

Мен беш жыл бою ооруп жүрдүм, «опухоль матки» дешти. Медицина жардам бере албай койду. Бир таанышым аркылуу Кубанычбек Матай уулуна келдим. Ал изилдеп көрүп: «Башка да ооруган жерлериңиз бар экен», – деп, айыгып кетеримди айтып, дарылоосун баштады. Ал бүткөндөн кийин бычаксыз оперция жасап, шишикти алып салды. Ошондон кийин толук айыгып кеттим. Мен бул адамга аябай ыраазымын! Жараткан узак өмүр берип, илими өркүндөй берсин.

**Кубанычбек Качкынтаев,**
1965-жылы төрөлгөн

## АРАКТЫ КӨРГҮМ КЕЛБЕЙТ...

Мен Бишкек шаарынын тургунумун. Беш жыл аракечтиктен катуу кыйналып жүрдүм. Догдурлар жардам кыла алышпады. Өзүм да аябай аракет кылган менен, эрким жетип токтото албай койдум. Анан, 2002-жылы «Кыргыз Туусу» гезитинин 63-санынан «Өзгөчө инсан. Милиционер-табыт» аттуу макаланы окуп, аябай таң калдым. Балким, бул табып мага жардам бере алар деп, Кубанычбек табыпка кайрылдым. Анын шыпаасы менен жакшы болуп кеттим. Азыр аракты көргүм да келбей калды.

**Жамалидин кызы Рахимат,**
*Чүй областы, Манас айылы*



## БРОНХ АСТМАСЫНАН АЙЫКТЫМ

Он жылдай астма оорусу менен оорудум. Көп жылдар бою ооруканалардан чыккан жокмун. Такай эле ингалятор менен отурчумун. 2002-жылы «Лимон» гезитинен Кубанычбек жөнүндө жазылган макала ларга көзүм түшүп, чоң үмүт кылып, ага келдим. Тамырымды кармап, өз диагнозун коюп, дарылай баштады. 25 күндөй дарылагандан

кийин таблеткаларды көргүм келбей калды. Толук курсу аяктагандан кийин кадимкидей жеңилденип, алты жылдай башка эч жерге кайрылбадым. Менин бул оорудан ушул Кубандан дарыланып, айыгып чыкканымды тууган-туушкандарым, тааныштарымдын баарысы билишет. 2008-жылы денемдеги бир аз алсыздыкты сезип, Кубанга кайрадан барып бир сеанс алдым. Азыр, кудайга шүгүр, арыз-муңум жок, жыргап эле калдым. Мен, биринчи кезекте, Кудайга, андан кийин, албетте, Кубанга ыраазымын.



**Магомедрагим кызы Жаннат,**
*1978-жылы туулган*

## КЫЗЫМ БЕШ ЖАШТА

Күйөөгө чыкканым менен төрт жылдан ашуун төрөбөй жүрдүм. Ал мен үчүн оор күндөр эле. Догдурларга, алтургай Казакстандагы Үсөнбай табыпка да бардым. Нечен жолу убада беришсе да, балалуу боло албадык. Анан бир күнү энем гезит алып келиптир, анда Кубан байке жөнүндө жазылган экен. Бардык. Текшерип көрүп дароо эле: «Баары жакшы болот, бир айга жетпей боюңа бүтөт», – деди. Бир жумадан кийин эле дагы айтты, бойго бүттү деп. Чын эле ошол маалга туура кыз төрөп алдым. Ал кызым Тапсия азыр беш жашта. Дагы төрөп алайын деп кайрадан келдим.

Энем да оор астмадан баса албай күйүгүп, олтуруп-тура албай калган. Ал өпкө-боорунан да жабыркап жүргөн. Энем да, күйөөм да табып байкеден жакшы болушту. Анан кантип элдик медицинага ишенбей коёлу? Ишенебиз, тек Кубан байкедей чыныгы, күчтүү табыптар гана шыпаа бере алат деп ишенемин. Аферисттери жалпы табыптарга тил тийгизип жатпайбы.



**Ибраева Жыпар,**
*медициналык кызматкер*

## ОН ЭКИ ЖЫЛДАН КИЙИН ТӨРӨГӨМ

Биздин бир эле балабыз бар болучу. Ал 12 жашка чыгып калган. Өзүм

Чүй областтык ооруканада иштечүмүн. Күйөөм экөөбүз дагы бир балалуу болууну самап, бирок, эмнегедир, ал оюбуз ишке ашпай келди. Кимге, каякка гана барып көрүнгөн жокмун. Жакшы деген врачтардын баарына көрүндүм. Жакын туугандарым, менин аларга ишенбегендигиме карабай, ар түрдүү көзү ачыктарга, төлгөчүлөргө да болбой алып барып, көрсөтүп жүрүштү.

Бир жолу Аламүдүн-1 кичи районунда кардарларды кабыл алган бир көзү ачык аялга бардык. 9 кабат үйдүн 7-кабатындагы бир батирде кезек күтүп, көп адамдар турган экен. Мен да, бир жагынан кызыгып, экинчи жагынан үмүттөнүп, күтүп калдым. Жарым күн туруп, араң кирсем, башынан аягына – байпагынан жоолугуна чейин аппапак кийинген бир аял кабыл кылып, чү дегенде эле: «Сенин үч балаң бар экен, күйөөң жок, жакынкы убактарда болбойт дагы», – десе болобу! Унчукпай угуп турдум да, мыйыгыман жылмайып, басып кеттим. Кыскасы, көзү ачык, табып, төлгөчү аттууларга ошондон кийин таптакыр тескери ой болуп калган, менде. Бир жолу күйөөм, ал да укук коргоо кызматында иштечү эле: «Жүрү, мен сени бир милиционер догдурга көрсөтүп келейин», – деп калды. Бир жагынан күлкүм келди, экинчи жагынан өзүм дагы кандай болсо да калкыган саманга жабышчудай аргасыз абалда элем. Күйөөмдүн түрүнө карасам, анын да көзүндө бир чоң ишеним бардай. Айтор, мына ушул Кубан деген милиционер-табыпка келип көрүнүп калдым. Кыштын кыраан чилдесинде, февраль айы эле, Лебединовкадан Орто-Сайга чейин эптеп келип, көрүнө баштадым. Эки-үч сеанс өткөндөн кийин, Кубан мага: «Болжол менен май айында боюңа бүтөт, кыз төрөйсүң», – деди. Мен баягы эле ишенбөөчүлүгүмдү жашыра албай салкын кош айтышып: «Көрө жаталы», – деп чыгып кеттим.

Кийин, айтылган май айында УЗИден алган анализимди көрүп, таң калганымды мен сүрөттөбөйүн, сиз укпай эле коюңуз. Буга чейин 7 жолу боюмдан түшкөн, бир балам алты айында ара төрөлүп, чарчап калган. Андан кийин эки жыл эч боюма бүткөн эмес эле. Ошентип, 1997-жылдын февраль айында төрөп алдым. Кыз! Аты – Сауле. Азыр ал 12 жашка чыкты.

Кубан – уникалдуу адам. Ишенбейсиздер, бирок ушундай – ал акча да албайт. Кетип жатып, жолдошум болбой, мага акча таштаткан, паластын алдына. Кийин билдим, ал

аны да албай, ошол жерде үй шыпырып иштеп жүргөн аял алган экен.

*P.S. Ушундай, төрөбөй жүрүп кайрылгандардын үчөө тең көз жарган. Демек, жыйынтык – 100 ! Боюнда болгон менен анемия (аз кандуулук) коркунучунан улам медиктер бала төрөө өмүрүнө өтө коркунучтуу дешкенинен аралжы издеп келген карабууралык Надира Мамбеталиева аттуу 23 жаштагы келин Матай уулу Кубанычбектен дарыланып, бир ай мурда аман-эсен көз жарып алды.*

Мына, табыпты ашыра же жалган айтып мактайлы деген ой жок. Оору азабын тартып, айыккандардын өз ооздору менен болгону болгондой айтылды. Демек, сөзүбүз чын. Мындай каттар, ыраазычылыктар табыптын үйүндө таңгак-таңгак болуп жыйылып турат. Шыпаасы да богок, холецистит, жүрөк жана бөйрөк оорулары, ашказан жана 12 эли ичеги жарасы, тукумсуздук, семиздик, кумарчылык, «компьютердик азгырык» сыяктуу оор илдеттерге да тийип келет. Аны сөзсүз врачтардын диагнозу, текшерүүлөрүнөн кийин гана баштайт. Өз кудурети жетчүлөргө гана. Ал эми медициналык дарылоону талап кылгандарды врачтарга жөнөтөт.



**Черткиев Шарапидин,**
*Агрардык Академиянын доценти, профессор*

## БАЛАМ ИЧПЕЙ КАЛДЫ

Биздин төрт балабыз бар. Улуусу Кубаныч, үйлөнгөн-жайланган, «8-Март» колхозунда турат. Мындан жети жыл мурда ал арак иче баштады. Дайым иччү болду. Үй-бүлөсүндө дайыма чыр-чатак, уруш-талаш. Эч ким оң таасир тийгизе албады. 2 жылдай ушундай оор жагдай дайым өкүм сүрүп, тынч жашоо болбой калган эле, анын үйүндө. Доктор Назаралиевдин медициналык борборуна кайрылалы десек, ага чоң акча керек болду. Менин балам Кубан жана табып Кубан – эки Кубан тең Дене тарбия институтунда мурда чогуу окушкан. Жакшы мамиледе эле, экөө. Ошондуктан, биз табып Кубанга барып: «Тиги досуңа бир жардам кыла аласыңбы?» – десек, илгиртей макул болду да, өз алдынча иштей баштады. Азыр аракечтик жаман оору болбодубу. Кубандын сеансынан кийин менин Куба-

ным да оңолду. Ичкенин токтотту. Өзү мектепте иштечү эле. Бир жолу коллективи менен, 200дөй адам, бир чоң майрамды түндүн бир оокумуна чейин майрамдашты. «Бүттү, эми кайрадан баштады», – дедик эле. Жок, түнкү саат 3төрдө келди. Айнектей таза. Такыр ичпептир. Мына, он төрт жылдай болуп калды, оозуна албайт. Үйүнө конок чакырса, өзү ичимдиктен ооз тийбейт. Аракты аялы куят коноктор-го.



**Мамбеталиева Надира Музуратбековна,**
*23 жашта, Талас обласы, Киров айылы.*

## АНЕМИЯДАН АРЫЛЫП... ТӨРӨДҮМ

Мен кош бойлуу учурумда 2007-жылы октябрь айында аз кандуулулук (гемоглабин көрсөткүчү 79–80) менен табып Кубаныч байкеге кайрылдым. 15 күн дарыландым, гемоглабиним 80ден 114кө чейин көтөрүлдү. Көп өтпөй, 2008-жылы февраль айында 3 кг 600 гр салмактагы эркек бала төрөдүм.

«Эненин ден соолугу чың болсо, баланын ден соолугу чың болот», – деп Кубанычбек байкенин айтканы туура келди. Биз, жолдошубуз экөөбүз табыпка өтө ыразыбыз. Чоң рахмат.



**Черкиева Курманбүбү,**
*акын*

## ҮЙ-БҮЛӨБҮЗДҮ БҮТ АЙЫКТЫРДЫ

Кубан биздин балабызды эле эмес, бүт үй-бүлөбүздү айыктырды. Анын жүргүзгөн сеанстары кээде жомокко окшоп кетет. Кимдир бирөөлөр ойлошу да мүмкүн, “дарылануучулардын акылдары адашып, жинди болуп кеттиби” деп. Андай эмес, өз башыңдан кечирип жатсаң табыптарга кантип ишенбейсиң? Бир жолку көрүнүштү айтып берейин.

Биздин улуу кызыбыз Гүлмира кесиби боюнча дарыгер эле. Бир жолку сеанста отуруп эле оозун кере ачып, тилин салаңдатып калбаспы! Кере ачылган оозу бирде оң жакка, бирде сол жакка кыйшайып, көрүп турган адамга коркунуч да туудура тургандай болду. Андан соң колдорунун манжа-

ларын кошуп алып, бети башын сыйпалап эле жыша баштады. Биз аны карап туруп, бул көрүнүштү кандай деп түшүнөрүбүздү билбей, карап эле калыптырбыз. Бир жагынан күлкүлүү да көрүнүш эле, ой, кудайым.

Көрсө, периштелер анын тишин дарылап аткан экен. Эсине келгенден кийин, анын колуна суу куюп, бетин жуудурдук. Андан бери тиши оорубайт.



**Камчыбекова Салима,**
*медициналык кызматкер*

## РАКПЫ ДЕГЕМ

Менин тагдырым табыпчылык жана көз ачыктык менен байланышта болуп калары үч уктасам түшүмө да кирбейт эле. Бардык ооруга илимий көз караштa карачумун.

Бир кездери денемде кандайдыр бир түшүнүксүз алсыздык пайда болуп туруп алды. Медициналык анализдерден өтсөм, алардын баары жакшы. Врачтар да эч кандай толук диагноз коё албай коюшту. Медициналык кароодон кийин ахвалым, тескерисинче, жаман жагына оой баштады. Кийин канымдагы гемоглобиндин өлчөмү аз экендиги аныкталды. Өзүмдө денемде шишик, же болбосо рак оорусу барбы деген кооптонуу пайда болду. Аны жашырып айтпай жатышат го деп, жаман оюмда, үч баламды туугандарыма бөлүштүрө баштаган элем.

Бир жолу бир кызык түш көрүп калдым. Ак кийимчен адам мага бир кутуча сунуп жатат. Анын ичинде бир ачкыч, анан алакандай ак баракка жазылган «Оштук табып» деген жазууларды окудум. Ошол кездерде Ажыбек аттуу баламдын бир бөйрөгү иштебей калып, аны операция жолу менен алганы жатышты эле. Ал «аллергиялык шишик-гломерулонефрит» деген диагноз менен, ар бир жарым жылда ооруканага жатып, дары-дармек менен гана жашап калган. Анда биз №3-балдар ооруканасында Замира Асанова деген врач келиндин кароосунда элек.

Мен көп өтпөй, жанагы түшүмдө көргөн оштук дарыгер – Кубан менен жолугуштум. Кубан бизди – мени дагы, баламды дагы дарылап айыктырды. Ушул киши менен жолуккандан кийин гана мага уйку келди, жакшы уйку деген эмне экендигин кайрадан сезе алдым.



**Вальцина Раиса Васильевна,**
*пенсионерка*

## ТАГДЫРЫБЫЗ КУБАН МЕНЕН

Жакында неберем Олег бир кырсыкка учурап калды. «Эль-Вест» фирмасында иштеп жүрүп, техникалык коопсуздук эрежесин сактабай, тайгаланып кетип жыгылып, чекесин жарып алган. Карбаластап, эмне кылаарымды билбей, «Тез жардамды» чакырсам, же алар келбейт, таксисттер да шайтан айдап кеткенсип, жок. Айтор, жакын арада жашаган, сыртынан биз көп эле угуп жүргөн дарыгер – элдик табып Кубанга кайрылууга туура келди. Түнкү саат 12 болуп калганына карабай, ал чуркап келип, өз жардамын көрсөтө баштады. Көп өтпөй кан да токтоп калды. Биз ошондо түшүндүк, анын операция жасап жаткандыгын.

Олег кийин айтып атпайбы: «Мага даана көрүндү, эки периште учуп келишип, чекемди айланып жүрүштү. Бир топко чейин алектенишкендей болду. Бирок мен эч кандай ооруну сезгеним жок». Бул, өзүнчө эле бир жомокко окшош окуя болду, биз үчүн. Ишенсеңиз ишенерсиз, ишенбесеңиз, өзүңүз билерсиз. Ошондон бери биздин тагдырыбыз табып Кубан менен тыгыз байланышта. Ичкиликти өлгөндөй жаман көрөбүз, калп айтпайбыз. Элге жакшылыктан башка эч нерсе каалабайбыз. Мына, көрсөңүз, менин мойнумда (жакасын ачып көрсөттү) христиандардын кресті, аны менен кошо мусулмандар тагынчу көз мончок да такай катар жүрөт. Биз башка дүйнөдөн келгендейбиз.



**Алымбек кызы Токтобүбү,**
*мугалим*

## ООРУМДУ ТААП, ЖОЛУМДУ АЧТЫ

Бисмилла рахман рахим! Мен атеист болчумун. 1990-жылы бөөдө кырсыктан жолдошум өтүп кетти. Ошондо келмеден башка эч нерсе билбесем да, «Жолдошумдун билип кылган, билбей кылган күнөөлөрү болсо кечириңиз», – деп, кудурети күчтүү Алла-Тааладан суранып, намазга жыгылып, орозо кармап, куран окуганды китептен үйрөнүп,

атамдын намазга жыгылганы көз алдыма тартылып, намаз окуй баштадым. Балдар-кыздарыма төлгө ачтырып, дем салдырып, тумар жасатып, көп эле көзү ачыктарга бардым. Ошолордун бир-экөө гана өзүң карманышың керек деген кеңеш беришти. Менин жүрөгүм тарткан жок. 2007-жылы уулум мындай деди:

– Арча-Бешикке барып, сеанска отуруп, көрүнүп жатам. Кубан байке бычаксыз операция жасайт. Ажыбектин эки бөйрөгү тең ооруп, иштебей, ооруканадан чыгарып салганда, Кубан байке азиз-периштелери менен операция жасап, жакшы болуп кеткен.

Ага:

– Жакшылап дитиңди коюп отур, – дедим.

Ошентип, уулум бата ала турган күн да келип жетти. Өзүм кошо барып, «Батасын алалы» деп жөнөп калдым. Оюмда алыста жүргөн кыздарыма төлгө салдырайын деген элем. Кубан төлгө салбайт экен. Мага: «Сизди изилдеп көрөйүнбү, уруксат болсо?» – деди. Мен ичимден чочуганымды билгизбей, макул болдум. Кубан карап чыгып, менин ооруган жерлеримди врачтын койгон диагнозундай эле айтты. Андан тышкары, менде Алла-Таалам берген касиетим болорун, мен бул касиетти мойнума алсам балдар-кыздарыма да жол ачыларын эскертти: «Бала чакаңыз, бир тууганыздарыңыз менен акылдашып, алардан уруксат алып, макул болсоңуз келиңиз, 3-шакиртим болосуз», – деди. 18 жылдын ичинде 2 гана шакирт даярдаганын эскертти.

Ошентип, ИЛИМ ала баштадым. Кан басымым жогору болгондуктан, учётто элем. Бир жылдан бери дары дегенди унуттум. Башка ооруга чыдасам да, баш ооруга чыдай алчу эмес элем, баш ооруну ойлобой калдым. Казакстанга барып бир табыптын (аты эсимен чыгып кетиптир) сеансына бир нече жолу катышкам, эч кандай таасир берген эмес.

Кубандын мен көзү ачык, дарыгер дегенден мурда, адамдын жүрөгүндөгүнү сезип, көзүнөн окуп билген психолог, философ-окумуштуу деп таң калып жүрдүм. Поликлиникадагыдай эле ар бир оорулуунун диагнозу коюлуп, изилденген карточка ачылган. Дарыланган ар бир адамдын жыйынтыгын (результатын) текшерип турат. Ушунчалык ишине так адамды биринчи көрүшүм.

Кудайга шүгүр, азиз-периштелер ким экенин мен эми түшүндүм. Бычаксыз жасаган эки жолку операциясына күбө болдум. Азыр алар жакшы болуп кетишкен. Кудайга ыраа-

зымын, азыр Кубанычбек менин устатым. Устатыма чың ден соолук, үй-бүлөсүнө бейкутчулук каалап, дагы көптөгөн оорулуу адамдарга шыпаа келтиришин каалайм. Оомийин... Алла-Таалам колдосун!

**Александра Апельсинова,**
*2002-жылдын 11-октябрында «Лимон» гезитинин № 39-санында жарыяланган макала*

## ҮЧ АЙДА 18 КИЛО АРЫКТАГАН

Кубан байке жаңы табыпчылык кыла баштаганда эч кимден акча алчу эмес экен. Алардын эч болбой калтырып кеткен акчаларын жардамга муктаж жетишпеген турмушта жашагандарга, жетим-жесирлерге, оору-сыркоолорго, улгайган адамдарга таратып берүүчү экен. Ошентип алардын да ыраазычылыгын алган.

Жогоруда айтылган оорулардан сырткары Кубан байке жүрөк ооруну, тамак, астма, баш ооруларын дарылайт. Тамекини катуу чеккендерге да берген жардамы натыйжалуу дешет. Анын койгон диагноздору – так жана толук. Карап көрүп, эгер колунан келбей турганын билсе, конкреттүү медициналык мекемелерге, кайсы дарыгерге көрүнүшү керектигин айтып, андан ары жолдомо берет. Бир учурда, ага башка табыпта дарыланып жүрүп, дарылануу процессин толук бүтпөй кайрылган экен, бир киши. Кубан байке ага: «Мурунку табып сизди күтүп жатат, ошого барып толук дарыланыңыз, – деген кеңешин берип, – Андан дарыланып бүткөндөн кийин, эгер кааласаңыз, мага келиңиз», – деп узатат. Ал эми тез жардам сураган бир адамга Кызыл-Аскерде (Бишкек шаарында) жашаган бир бакшыга жолдомо берет. Анткени, анын оорусун ошол бакшы гана айыктыра ала турган эле, деп эскерет. Чындап эле анын айтканы менен ал киши ошол бакшыдан айыкты. Тескерисинче, башка табыптардын айтканы боюнча кээ бир оорулуулар Кубан байкеге келишет экен.

Бир сапар Кубан байке, ага кайрылган өтө толук оорулууга (126 кг салмактагы), анын каалоосу менен, тажрыйба да жасап көрдү. Артыкча салмактан арылууну көздөгөн бул адам табып дубалап, дайындап берген дарыларды ичип, 60 күндүн ичинде 18 кг (!) салмагын түшүрүүгө жетишкен. Бул багыттагы Кубанычбектин дарылоо иштери мындан

ары дагы ийгиликтүү уланып, канчалаган кишилердин кайрылуусун канагаттандыргандыгынын эсебин эч ким алган жок. Алтургай, тескерисинче, айрым, семирүүнү каалагандардын да «оору» жерлерин так айтып берип, аларга жардам бергендигин, азырынча, «жабыркагандардан» башка эч бир адам билбейт. Бул, өзгөчө талант!



**Сартова Айжана,**
*23 жашта*

## БЕТ АЛЛЕРГИЯСЫНАН АРЫЛДЫМ

Медиктер «аллергический дерматит» деген диагноз коюп, дарыланган менен оорумдан толук арыла албай койдум. Мен Кубан байкеге келип, дарыланганга чейин 3 жыл оорудум. Бетиме бирдемелер чыгып, кызарып, кычышып, карттанып ооручу. Канча деген жерге барып, канча деген дары сүйкөдүм. Эч нерсе жардам берген жок. Убактылуу жакшы болот да, кайра кызарып баштайт. Өзүмдү аябай жаман сезип, айыгарыма деле ишенбей калган болчумун. Кубан байкемден дарылангандан кийин, бетим күндөн-күнгө жакшы болуп, өзүмдү жеңил сезип калдым. Жашоого болгон көз карашым жакшы жакка өзгөрүлдү. Азыр бетим аябай жакшы. Чоң рахмат, Кубан байкеге!



**Назармамбетова Наргиза Эшенкуловна,**
*23 жашта*

## МЕДИЦИНАЛЫК ДИАГНОЗ – А ГЕПАТИТИ

Мен 2001-жылы октябрь айында «вирустук А гепатити» деген диагноз менен ооруканага жатып калдым. Врачтардын дарылоосу 21 күндө бүттү. Катуу диетада жүрдүм. Бирок, оорум айыккан жок, өнөкөт (хронический) түрүнө өтүп кетти. Бир жылдан кийин эмнегедир белден алды, көбүнчө оң жагым шиший бере турган болду. Түн уйкум тынч эмес болчу, боор тушум кычышып, курт жүргөндөй болуп ооручу. 2002-жылы бирөөлөр аркылуу табып Кубан байкеге көрүндүм. Анын

бардык дарылоосун толугу менен алдым. Тамакка аралаша баштадым. Баягы боор ооруларыман кутулдум, уйкум тынч болуп, жашоого башкача көз караш пайда болду.

2008-жылы октябрь айында «бычаксыз» операция методу менен Кубан байке боорума операция жасады. Операция учурунда мен көзүм менен көрбөсөм да, денем менен кескен жерлеримди, тигиштерди (шовдорду) койгонун, наркоз бергенин, операция башталарда колу-бутумдун таңылганын сездим. Операциядан кийин 15 күндө бутума туруп, 1–2 кадам басканга руксат болду. Азыр кудайга шүгүр, өзүмдү толук ден соолугу чың инсан деп сеземин.

Мен бул адамда баа жеткис ИЛИМдин касиети, күчү бар экендигине жана ошол күчтү туура, так, эң бийик деңгээлде өздөштүргөндүгүн туйдум. Кудай Тааламдын астында Таза, Ак Табып деп билдим.

Табып Кубан байке кыйналган адамдарга бардык жагынан жардам берүүчү бийик адам. Өзүнүн илиминде ДОКТОР, ПРОФЕССОР.

Кубан байкеге чоң ырахмат. Кудай-Таалам бул кишиге өмүр, ден соолук берсин... Элдин батасы тийсин. Кудай-Таалам берген касиети, кудурети менен кыйналган адамдарга жардамы тийсин. Илими өркүндөй берсин демекчимин!



**Чинара Каныбековна,**
*36 жаш, Москва шаары*

## КОЛ ТИЙБЕГЕН ОПЕРАЦИЯ

Мен Кубан байкеге 2008-жылдын март айында кайрылдым. Ага чейин «Гипоплазия матки, синдром истощения яичников» деген диагноз коюлган.

Буга чейин эки жылдай жатын тарабымдын иштөө режими бузулуп, этек кирим 2–3 айга кармалып, анан кайрадан пайда болуп, кийинчерээк такыр эле жоголуп кетти. Гинеколог врачтарга кайрылсам, гормондук зат алмашуулардын ритми бузулгандыгын божомолдошуп дарылашты. Бирок, менструациялык циклдин нормалдуу калыбына келүүсүнө толук кепилдик бере алышпады.

Көп ойлонбой, элдик табып – Кубан байкеге келдим. Мени карап көрүп, дарылай баштады. Үч курс дарылануудан өткөн

соң операция кылыш керек деди. Баягы, операция столуна жаткызып алып, эчен түрдүү бычактар менен, кардыңды жарып, ичегиңди суурган операция эмес, кол тийгизбестен жасалган, өзгөчө операция боло турган болду. Анын операциясы жөнүндө уккан элем – жанында отуруп эле, күбүрөнүп, куранын окуп, эки жагын каранып, периштелери менен кеңешип, колун тийгизбестен эле операция жасарын.

Операция эки сааттай убакытка созулду. Операция жүрүп атканда колу-бутум байлап койгонсуп, оорлоп, андан кийин жүрөгүмдүн тушунда, жамбаш жагымда сайгылашууну сезип жаттым. Операция бүткөндөн кийин эки жумадай төшөктө жатып, катуу диета кармандым. Дагы эки жумадан кийин төшөктөн туруп, биринчи кадамдарымды жасай баштадым. Жаңы төрөлгөн бала сымал, алгач оор бут шилтеп, бара-бара оңоло бердим. Тамактануум да улам жакшыра баштады. Үч ай дегенде менструациялык циклим калыбына келип, толугу менен айыгып чыктым.

Кубан байкеге, бул татыктуу табыпчылык иштерине ыраазычылыгымды билдиргим келет. Чың ден соолук, узак өмүр тилейм.

**Мамажан уулу Абдужапар,**
*37 жашта*



## ЖҮРӨГҮМ КАТУУ ООРУП... АЗЫР КУРУЛУШТА ИШТЕП ЖАТАМ

Мен 2007-жылы июль айында жүрөгүм ооруп, өзүмчө баса албай, башым айланып, катуу ооруп калдым. Түнкүсүн уктабай калгамын. Врачтарга барып көрүнсөм, алар «Недостаточность аортального клапана, ИБС, АД гипертензия» деген диагноз коюшту. Дарылоо жыйынтык бербесе, операция жасоо керек дешти. Мен туугандарым менен кеңешсем, алардын бирөө «Кыргыз Туусу» гезитинен табып Кубанычбек байке, анын касиети тууралуу окугандыгын айтып, ал кишинин дарегин берди. Мен Кубанычбек байкеге келип көрүндүм. Тамырымды кармап, өзүнүн диагнозун коюп, элдик медицинанын күчү менен айыктырса болот деп, дарылоого кабыл алды.

Дарылоонун алгачкы жети күнүндө өзүмдүн бирөөнүн жардамысыз жалгыз баса албагандыгыма байланыштуу ке-

линчегим менен балам алып келип жатты. Андан кийин өзүм эле коркпой, жалгыз келе баштадым. Дарылоо 20 күнгө созулду. Акырында мен бардык ооруларымдан толук айыктым. Азыркы учурда курулушта иштеп жатам. Кубаныч байкеге терең ыраазымын. Чоң рахмат.

**Жаманкул кызы Акжолтой,**
*1947-жылы1-августта туулган,*
*Аламүдүн району, Кашка-Суу айылы*



## НЕВРОЗДОН ТОЛУК АЙЫКТЫМ

Көп жылдан бери ооруп жакшы болбой койдум. Башым ооруйт, бронхит да жабышып, буту-колум да соо эмес эле. Врачка кайрылсам, «невроз» деп, көп жолу больницага жаттым. Эч жылыш болгон жок. Анан кыргызчылык менен эле айыгасың дегендеринен, көп молдолорго түштүм. Жакшы болгонум жок.

Анан, Кубанычбек жөнүндө угуп, 2000-жылы келип көрүндүм. Ошондон бери өзүмдү жакшы сезип калдым.

Ооруган жерлерим жакшы. Диагнозумду туура таап, мени туура жолго салды. Молдолордон, бакшылардан, врачтардан жана табыптардан айыга турган оорулар бар экенине өзүм күбө болдум. Менин оорум табыптык касиет менен айыга турган оорулардан экен. Азыр намаз окуп, кудайга шүгүр, жакшы жүрөм. Кубан табыпка ыраазымын.

**Маткулов Канат Асылбекович**

## БАЛАЛУУ БОЛДУК

Келинчегим Айгүл экөөбүз 2000-жылы үйлөнгөнбүз. Учурда Новосибирск шаарында жашайбыз. 2006-жылга чейин балалуу боло албай койдук. Новосибирск шаарындагы күчтүү дарыгерлердин кабыл алуусунда да болдук. Бирок, жыйынтык болбоду.

2006-жылдын август айында Кыргызстанга келип, кокусунан Кубанычбек табып жөнүндө угуп, ага бардык. Дартыбызды айтып, бир курс дарыланып кайттык. 2007-жылы август айында Нурислам аттуу эркек балалуу болдук. Ку-

дайга шүгүр, Алла-Таалама ыраазыбыз. Андан кийин ага себепкер болуп, бизди дарылаган Кубанычбек табыпка башыбызды ийебиз. Анан кантип элдик медицинанын күчүнө, касиетине ишенбей коёсуң? 2008-жылы октябрь айында Бишкекке келип, Нурисламды көргөзүп, Кубанычбек табыптан дагы бир ирет бата алып кайттык.

**Адык уулу Тельман,**
*1981-жылы туулган*

## КУМАРДАН КУТУЛДУМ

2004-жылы шайтандын азгыруусуна кирип, Бишкектеги казинолордон чыкпай калдым. Ошондон баштап жашоом бузулду, тапкан ташыганымдын баары оюнга кетет. Ал жерден ашык акча, ырыскы табам дегендер былжырайт. Өзүм күбө болдум. Жакын адамдарымдан, досторумдан ажырап, кадыр-баркым кетип калган. Эң башкысы ата-энемдин ден соолуктарына, кызматтарына чоң зыян келтирдим. Акыры Кубан байкеме келип, ошол күндөн тартып оңоло баштадым. Үч маал намаз окуйм. Үй-бүлөмө береке түштү.

# *ДАРЫЛООГО КИМДЕР КАНДАЙ КЕЛИШКЕН...*

## ТӨЛГӨЧҮГӨ АЛДАНГАН АБЫШКА

Бир жолу мага 73 жаштагы карган адамды алып келишти. Суудан башка тамак ичпей, ордунан араң туруп калган экен.

Мен ал кишинин тамырын кармап көрүп, эч кандай деле катуу оорусу жок экендигин айтып, ашык санаа, коркуу анын организминин нормалдуу иштешине бөгөт болуп, ден соолугун бузуп жаткандыгын айттым да, дарылай баштадым. Эки-үч күн өтпөй, абышканын аппетити ачылып, менден: «Нан жей берсем болобу?» – деп сурады. «Албетте болот», – деп жооп бердим. Бир жумадан кийин тамак ичүүсү калыбына келип, анан кийин гана ичиндеги санаасы тууралуу мени менен ой бөлүшүп жатпайбы?! Көрсө, ал жаш кезинде бир көзү ачык: «Сен 73 жашка чыгып, өлөсүң», – деп айткан имиш. Анан, күтө берип, корккон жылы жакындаган сайын, байкуш чалдын санаасы сага бөлүнүп, самандай өңү саргарып, ойлорунун баары орго түшүп, психологиялык жактан дайындана баштаган да, айтору, ахвалынын начарлай баштаганы ошондон болгон экен.

Адамга берилчү өмүр жашына эч кимдин чек коюуга укугу жок. Адамга канча өмүр берилгенин бир Кудай өзү билет.

Андан кийин да бул адам дагы көп жыл жашады.

Табыпчылык мага жогортон берилген ыйык миссия деп түшүнөм. Бул – өтө чоң илим. Мен ал жөндөмүмдү мындан ары да өркүндөтүп, канчалаган көп адамга жардамым тийсе, ошончолук ичимен курсант болорумду жашырбайм.

## АЛЫСТАН АЯН

35–40 жаштагы даргин улутундагы келин: «Кабыл алууга элдин акырында кирсем болобу?» – деп суранып жатыптыр. Мен уруксат деп койдум. Кезеги келгенде ал ка-

был алууга келди. Мени көпкө үнсүз (5–10 мүнөт) карап отуруп, анан сөзүн баштады: «Мен өз көзүмө ишенбей жатам, сизди көргөнгө, – деди ал. – Мен 2 ай мурда Кавказга туугандарымдыкына конокко барганмын. Ошол кезде бир даргин улутундагы 40–45 жаштардагы аял (көзү ачык) сиз тууралуу сүрөттөп айтып, Кыргызстанга барганда кыргыз табып жолугат, ошол жигит сенин кызыңды толук дарылап айыктырат деген. Менин кызымды дарылоого кабыл албасаңыз, мен кетпейм», – деп суранды. Кызын кабыл алып, дарылап айыктырып, анан кетирдим.

## АРАКТЫН АЗАБЫ

Кызыл-Ордо шаарынан келген 25–30 жаштагы казак жигит менде дарыланып жүрдү. *(Аты-жөнүн ачык айтпайын дедим).* Ичимдик боюнча 2 сеанс алган соң үйүнө жооп сурап кеткен. 15 күндөй кечигип келбей калды. Кийин келинчеги экөө келишти. Келинчеги үйүндөгү болгон жаңылыктарды айтып берди. Кызыл-Ордо шаарындагы кайненесине барышса, ал: «Кыргызстан алыс экен, дарылоонун ландысын казак дарыгерлерден дарылан», – деп жибербей, казак табыпка алып барат. Ал киши текшерип көрүп: «Сени эң жакшы табып дарылап жаткан экен. Бекер келипсиң, мен кабыл ала албайм, ал киши күтүп атат, баргын да андан дарыланып, батасын алгын», – деп жөнөтүптүр. Ошентип, мага кайрылып келген казак жигит келинчеги экөө энеси жана өзү үчүн кечирим сурап, 3 курс сеансты алып, үйлөрүнө жакшы болуп кетишти.

## ТОЗОКТОН КУТУЛДУ

35–40 жаштагы уйгур жигит. *(Белгилүү себептерден улам аты айтылбады).* Диагнозу: кара куурай (наша) тартат.

Ал мага келип: «Түш көрдүм, белги болду, тозокту көрдүм. Эгер сиз дарылабасаңыз мага жаман болот. Мен сиз тууралуу 3 жыл мурда эле укканмын. Келбей жүрдүм эле. Айыбымды өзүм эле айтайын, кара куурайды таштай албай жатам. Дарылап берсеңиз», – деп суранды. Мен колумдан келгенимди аяганым жок. Акырында шыпаа таап, нашакорлуктан айыгып кетти.

## ТАҢ КАЛЫП, АЙЫКТЫ

Кызыктуу учурлар көп болот. Ушул окуя эсимде. Күндөрдүн биринде (качан, аты-жөнү эсимде так калбаптыр) мага бир оорулуу келген эле. Мен аны текшерип чыгып, диагнозун коюп: «Башта оор операция болгон экенсиз, эң күчтүү врач жасаптыр, ошондон улам аман калыпсыз», – десем, «Ооба, мени тээ, көп убакыт мурда атактуу догдур Иса Ахунбаев операция жасап, дарылаган, – деди өтө таң калып. – Илимиң таза жана күчтүү экен». Ошентип, анын ишеними күчтүү болуп, ооруларынан толук айыгып кетти. Адам бекем ишенсе ооруну да жеңе алат.

## АБДЫКЕРИМ МОЛДО

Эсимде, 75–80 жаштагы уйгур молдонун кемпири катуу ооруп, талмасы кармап, эс-учун жоготуп үйүндө жатыптыр. Ахыбалын аныктап, тийиштүү сеанс берип өзүнө келтирдим. Аксакал кубанганынан көзүнө жаш алып, ак батасын берип, бул илим куранда жазылган, капырларда да бар, бирок аларда шарият жок, ошон үчүн бир аз айырмачылык бар, сенин илимиң өркүндөй берсин деп, мага чын ниетинен ак жол тиледи.

## ТЕСКЕРИ ДУБА

23 жаштагы уйгур келин. 2 баласы бар. Башы ооруп, жүрөгү кысылат экен. Текшерсем, келинге тескери дуба окулган, жаны жай албай кыйнала берет. Сурасам, келин 23 жашта, дуба болсо 24 жыл мурда ичилген. Мен түшүнбөй, ойлонуп калдым, бул кандай деп. Дагы текшерип көрсөм бул келиндин энеси боюнда болгон кезде бир молдого барып көрүнөт. Ал киши туура эмес дуба окуп берген, баш иритме (ысытма) деген. Ал дубанын күчү менен келиндин энеси көп жылдар бою жакшы абалда болот. Зыяны кызына тиет. Кыз төрөлгөндө эле оорукчан болуп калат (баш оору). Кайтарма ичирип, жандырма дуба окуп, дем салып, тазалоочу сеанска отургузуп, зор күч менен келинди айыктырдым. Себеби, тескери дуба окулгандан бери көп жыл убакыт өтүп кеткен.

## ТАҢ КАЛУУ МЕНЕН ИШЕНГЕН

Адыл кызы Саадат (уйгур улутундагы кыз). Өзүнүн өтүнүчү боюнча дарылоо бүтүп, айыккандан кийин гана бул сөз айтылып жатат. Эки бөйрөгүнө катуу суук өтүп, баса албай калган абалында келген.

Сеанс учурунда дарылоомду эл сыяктуу отурган абалда албаста, дайыма жаткан абалында дарыланчу. 20 күн дарылангандан кийин өзүнө келип, басып калды. Энеси Орниса жана атасы Адыл мага ыраазы болушуп: «Бирде ишенип, бирде ишенбей жатабыз, ачыгын айтканда, бизде башында көп үмүт болгон эмес. Кызыбыз оорукчан болуп калды, келечеги кыйын болду. Кыз бала күйөөгө тийиш керек, бала төрөш жагы кандай болот деп санаа тартчубуз. Эми кудайга шүгүр», – дешти.

Мен Саадатты дарылап жүргөн күндө ал менин милицияда иштеримди билген эмес экен. Бир жолу жумуштан кечигип келип, шашылып жатканымда милициялык формам менен көрүп калат. Анан ойго батат: «Ушундай да болобу? Милиционер – табып, мүмкүн эмес, бирок мени ушул киши айыктырбадыбы?» – деп таң калат. Арадан бир жума өткөндөн кийин ал мага келип, кабыл алууга уруксат сурап, көрүнгөнү, сүйлөшкөнү келгенин айтып, анан:

– Мен, биринчиден, сизден кечирим сурайын деп келдим, себеби, абдан чоң жаңылыштык жасаган экенмин, – деди.

Мен түшүнө бербей:

– Эмне болду? – десем, ал:

– Байке, ишенесизби, мен ушундай кызык окуяга күбө болдум, азыр эстеп жатам. Бир жыл мурда сизди телевизордон, формачан, дин жөнүндө сүйлөп жатканыңызды көрүп, койчу, “мент – правильный что-ли” деп башка каналга которуп салган элем. Эми Алла-Тааламдын буйругу экен, минтип, сиздин колуңуздан айыгып жатам, буга энем Орниса да күбө. Ал кишиге айтып берген болчумун. Мен ал кезде динден алыс элем, кечириңиз, – деген уялып.

Чынында эле ошол, 1995–1997-жылдары «МВДда намаз окуп, орозо кармап иштеген жигитерибиз бар», – деп Сары-Өзөн телеканалы телевизордон көрсөткөн болчу.

Саадат – азыркы күндө үй-бүлөлүү, 2 баланын бактылуу энеси.

## АЖЫЛЫККА ТЕТЕ ИШ

55–60 жаштардагы дунган улутундагы аял келди. Жүрөгү ооруйт экен (порок сердца). Операция жасалуусуна 3 күн калганда келди, текшерүүгө. Өңү саргарып, арык. Мен текшерип көрүп: "7 күн дарылайын. Эгерде мага ишенип, макул болсоң врачтардан суранып кел, операцияны токтотуп тур", – дедим. 7 күн күнү-түнү карап, дарыладым, жакшы болуп айыгып калды. Операция болгон жок. Диагнозу: жүрөгү катуу түшүп, кабынан чыгып кеткен. Жүрөгүн көтөрдүм, боорун жана башка органдарын дарыладым. Шыпаа таап айыгып кетти.

Эки жылдан кийин уктум, Мекке шаарына ажылыкка барып келиптир. Ушундай жаңылыкты уккан даргин улутундагы молдо кишилер мага келишип, «Сен оорулуу адамды айыктырып, ажыга жиберсең, өзүң ажыга барып келгендей эле сооп иш жасапсың», – дешип, баталарын берип кетишти.

## ПЕРИШТЕҢДИ АБАЙЛА, АЛ ЖЫЛАН БОЛЧУ

1995-жылы март айында Куршаб айылында жашаган 35 жаштагы кыргыз жигит оң бутунун манжалары кызыл ашыгына чейин жара болуп, 12 жылдан бери эч жерден жардам болбогонун айтып: «Акыркы үмүтүм менен сага келдим», – деп мага көрүнүп калды. Бутун көрсөм, ар жерлеринен кесилип, жарылып, кан чыгып турган экен. Көп ириң да болбойт экен, чоңоюп-кичирейбейт да дейт. Таң каларлыктай жара экен. Мен ойлонуп көрүп, өзүмдүн касиеттеримдин жардамы менен оорунун туура диагнозун таптым да, ал кишиден:

– Сиз жылан өлтүргөн жок белеңиз? – деп сурадым.

Ал:

– Атамдын үйүнүн артында жаткан жыланды көрүп, таш менен жанчып өлтүргөн элем. Ошондо 23 жашта болчумун, – деди.

– Ал жылан сизди колдоп жүргөн периште жылан экен. Бутуңуздагы жара жыландай болуп, токочтой оролуп, жанчылган жыландын элеси көрүнүп турат. Эми түлөө өткөрүп, куран окутуп, Алла-Тааламдан кечирим сурасаңыз айыгып кетесиз, – деп кеңеш бердим. Ал киши мен айткандарды аткарган экен, эки айга жетпей буту толук айыгып кетти.

## МАЗМУНУ


***Алгы сөз***
ТАБЫПЧЫЛЫК – ИЛИМ ........................................ 3

***1-бап***
ТАБЫПЧЫЛЫК ЖАНА МЕДИЦИНА ........................ 4

***2-бап***
АЯНДАР .............................................................. 11

***3-бап***
ӨМҮР БАЯН ........................................................ 15

***4-бап***
ЭЛДИК МЕДИЦИНА ДЕГЕН ЭМНЕ? ..................... 21

***5-бап***
БАТАНЫН СЫРЫ ................................................ 29

***6-бап***
МАЗАР – ЫЙЫК ЖЕР ........................................ 32

***7-бап***
ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТТАР .................................. 38

***8-бап***
ДАРЫЛООГО КИМДЕР КАНДАЙ КЕЛИШКЕН… ........ 57

## СОДЕРЖАНИЕ

***Введение*** ........................................................ 3

***Глава 1***
О НАРОДНОМ ЛЕЧЕНИИ И МЕДИЦИНЕ .................... 4

***Глава 2***
МЕТОДЫ ЛЕЧЕНИЯ НАРОДНОЙ МЕДИЦИНЫ.......... 11

***Глава 3***
ЯСНОВИДЯЩИЙ МИЛИЦИОНЕР ............................ 16

***Глава 4***
СТАНОВЛЕНИЯ ЦЕЛИТЕЛЯ.................................. 21

***Глава 5***
ПРОКЛЯТИЕ ...................................................... 29

***Глава 6***
МАЗАР – СВЯЩЕННОЕ МЕСТО ............................. 31

***Глава 7***
СИЛА ВЕРЫ СИЛЬНЕЕ БОЛЕЗНИ ........................... 35

***Глава 8***
БЛАГОДАРНЫЕ ОТЗЫВЫ ПАЦИЕНТОВ..................... 38

***Глава 9***
ОРОЗО ПОСТ – ПОКОЯНИЯ И ПРИМЕРЕНИЯ............ 53

## КАДЫР ТҮН ТОСУУ

Кадыр түн тосуу – бдение в ночь предопределений. Начиная с 19.00 до 4–5 утра.

Собирается круг близких людей, которые читают куран, произносят келме. Просят прощения за причиненные комулибо обиды и сами прощают обидевших их людей: родителей, родных, друзей, коллег, жену, мужа, детей. На дастархане могут быть любые кушанья, кроме спиртного. Некоторые превращают эту ночь в равлекаловку: танцуют, поют, шумят, чего на самом деле нельзя делать. Кадыр түн можно назвать «тагдыр түн» – судьбоносная ночь. Эту ночь можно назвать годовым отчётом, когда все хорошие и нехорошие дела человека взвешиваются, как на чашах весов. В эту ночь нужно посвятить молитвы умершим родственникам. А также загадать желание помолиться за его исполнение. Мусульмане говорят, что молитвы продлевают жизнь.

## АРАПА КҮН

Арапа күн – канун праздника рамазана. В этот день жарят боорсоки, готовят горячую пищу. Состоятельные люди делают жертвоприношение.

По завершении поста орозо начинается праздник Орозо айт, который длится 3 дня. В первый день айта, на следующий день после Арапа күн, читается куран.